Медианы түшүнүү: медиасабаттуулуктун негиздери

ММС окутуу боюнча практикалык колдонмо

Бүткүл дүйнө жүзүндөгү адамдар медиа менен кошо өсүп жатышат. Ар кандай курактарда биз ар кандай медиа түрлөрүн колдонобуз: китептер, журналдар, комикстер, музыка, радио, телевизор, Интернет, смартфондор, компьютердик оюндар. Бала чагыңызга кайрылып көрүңүз: бала кезиңизде кайсы медиа жана кайсы медиа контент сиз үчүн маанилүү болгон? Кандай таасир калтырды эле? Балалыгыңызга болгон менталдык саякат бир кезде сиз үчүн маанилүү болгон медиа жана медиа-контент жөнүндө ойлонууга түрткү берет.

Медианын бардык түрлөрү адамдарга жана коомго таасир этет. Кээде бул таасир айдан ачык, кээде жашыруун болот. Кээде адамдар өзүлөрүнүн таасири астында экенин түшүнүшөт, кээде жок. Заманбап дүйнөдө медиа менен иштеше алуу өтө маанилүү. Бул көндүмдөр медиа-маалыматтык сабаттуулук деп аталат.

Ыңгайлаштырылган китеп медианын, медиа жана маалыматтык сабаттуулугунун аныктамасын, анын азыркы дүйнөдөгү актуалдуулугун, максаттарын жана натыйжаларын ачып берет. Ар бир тема теориялык жана практикалык гана эмес, ошондой эле программаны жакшы түшүнүү үчүн интерактивдүү материалдар менен коштолгон.

Усулдук материалдар жана практикалык колдонмолордун милдеттери медиа сабаттуулук жана санариптик окутуу боюнча тренингдерди, курстарды жана сабактарды пландаштырууга жана өткөрүүгө арналган. Материалдык комплектте сизге окуу процессинде жардам бере турган көнүгүүлөр жана иш барактар кирет. Сиз эң ылайыктуу деп эсептеген көнүгүүлөрдү тандап, аларды окуу муктаждыктарына ылайыкташтырсаңыз болот.

Китеп мугалимдерге жана тренерлерге гана эмес, бардык кызыккан адамдарга медиа жана маалымат сабаттуулугун өнүктүрүүгө жана жайылтууга жардам берет

«Медианы түшүнүү: Медиасабаттулууктун негиздери» практикалык колдонмосу Deutsche Welle академиясы тарабынан иштелип чыккан жана «ММК колдоо борбору» коомдук фонду тарабынан ылайыкташтырылган.

Басылма Федералдык Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү министрлигинин жана Deutsche Welle академиясынын каржылык жана техникалык колдоосу менен даярдалды.

Bundesministerium für wirtschaftliche Zusammenarbeit und Entwicklung

DW Akademie

ЦЕНТР ПОДДЕРЖКИ СМИ
ММК КОЛДОО БОРБОРУ
MEDIA SUPPORT CENTER

Медиасабаттуулук боюнча тренингдер: Мазмуну

Медиасабаттуулук жана медиа билим берүү түшүнүгүнө киришүү 6

Көнүгүү – Активаторлор жана оюндар 12

1-бөлүм: Медиа жана медиасабаттуулук 15

«Медиа» тууралуу маалымат 16
Негизги эрежелер: Медианы түшүнүү 23
Негизги маалымат: Окутуунун максаттары 28
Негизги маалымат: Программа 29
Көнүгүү – Активаторлор: медиа 30
Киришүү: Медиа биография 32
Иш барагы: Менин медиа биографиям 34
Көнүгүү: Медиа жана Кыргызстандагы медиасабаттуулук 35
Иш барагы: Онлайн изилдөө: Медиа 37
Көнүгүү: Бир иш-чара – ар кандай окуя 38
Иш барагы: Бир иш-чара – ар кандай окуя 40
Жыйынтыктар: Медиа, мен жана сен 41
Иш барагы: Медиа, мен жана сен 42

2-бөлүм: Маалымат жана темалар 43

«Маалыматтар» тууралуу маалымат 44
«Темалар» тууралуу маалымат 47
Негизги маалымат: Окутуунун максаттары 51
Негизги маалымат: Программа 52
Көнүгүү – Активаторлор: Маалымат жана темалар 53
Киришүү: Бузук телефон 55
Иш барагы: Бузук телефон – бош барак 57
Иш барагы: Бузук телефон 58
Көнүгүү: Сен заманбапсыңбы? Маалымат ресурстары 59
Нускамалар: Ой-пикирдин барометри – маалыматтын сапаты 61
Иш барагы: Ой-пикирдин барометри – маалыматтын сапаты 62
Иш барагы: Маалыматтын каналы - 1 – Мамлекеттик ММК 63
Иш барагы: Маалыматтын каналы - 2 – Жеке ММК (коммерциялык) 64
Иш барагы: Маалыматтын каналы - 3 – Маалымат агенттиктери 65
Иш барагы: Маалыматтын каналы - 4 – Эркин ММК 66

Иш барагы: Маалыматтын каналы - 5 – Социалдык тармактар, Web 2.0 67
Иш барагы: Маалыматтын каналы - 6 – Адамдар менен сүйлөшүү туура-луу 68
Иш барагы: Пресс-конференция 69
Көнүгүү: Дубал гезити – аталыштар 70
Иш барагы: Коллаж түзүү 72
Көнүгүү: Редакциялык иш жыйын + жаңылыктар 73
Иш барагы: Жаңылыктар жана категориялар 78
Иш барагы: Жаңылыктар – алгачкы кыскача изилдөө 79
Нускамалар: Берүүлөрдүн программасы 80
Иш барагы: Изилдөө жана жаңылыктарды жазуу 81
Жыйынтыктар: Өз темаңды презентацияла! 82

3-бөлүм: Социалдык медиа жана Web 2.0 83
Социалдык медиа жана Web 2.0 тууралуу маалымат 84
Негизги маалымат: Окутуунун максаттары 88
Негизги маалымат: Программа 89
Көнүгүү – Активаторлор: Социалдык медиа 90
Киришүү: Көнүгүү 93
Нускама – Оюн: «Посттордун аралашмасы» оюну 94
Көнүгүү: Facebook – жеке же коомдукпу? 95
Иш барагы A: Профилди текшерүү: Жеке сүрөттөр 97
Иш барагы B: Профилди текшерүү: Жайгаштырылуучу контент 98
Иш барагы C: Профилди текшерүү: «Мен тууралуу» 99
Иш барагы D: Профилди текшерүү: Динамика 100
Көнүгүү: Facebook-эксперт 101
Сертификат: Facebook-эксперт 103
Нускамалар: Facebook-эксперт 104
Жыйынтыктар: Web 2.0 Менин оюм ... тууралуу 105
Иш барагы: Web 2.0 Менин оюм ... тууралуу 106

4-бөлүм: Сүрөттөрдүн күчү 107
Негизги маалымат: Окутуунун максаттары 108
Негизги маалымат: Программа 109
Көнүгүү – Активаторлор A: Үйдөгү сүрөттөрү 111
Киришүү A: Фотографтын көз карашы 113
Иш барагы: Фотографтын көз карашы 115
Көнүгүү A: Сүрөттөр – үйрөнчүктөн тарта профессионалдарга чейин 116

Иш барагы – көнүгүү «Жаңыдан баштап жаткандар»: Сүрөттөр – композиция эрежелери I 118
Иш барагы – көнүгүү «Жаңыдан баштап жаткандар»: Сүрөттөр – редакторлоо I 119
Иш барагы – көнүгүү «Профи»: Сүрөттөр – композиция эрежелери II 121
Иш барагы – көнүгүү «Профи»: Сүрөттөр – санариптик редакторлоо II 122
Көнүгүү А: Сүрөттөрдөгү окуялар 123
Нускамалар: Сүрөт баянын түзүү 125
Иш барагы – көнүгүү: Сүрөт баянды даярдоо 127
Иш барагы: Сюжеттик тилке жана раскадровка 128
Жыйынтык А: Фотографтар үчүн викторина 129
Көнүгүү – Активаторлор В: Фотожурналистика 130
Киришүү В: Сүрөттөрдүн күчү 131
Иш барагы: Сүрөттөрдүн күчү: Сүрөттөрдүн таасири: интервью 133
Иш барагы: Сүрөттөрдүн күчү: Сүрөттөр: Таасирлер жана эмоциялар 134
Көнүгүү В: Мүнөздөмөлөр жана этика 135
Иш барагы: Сүрөттөрдүн күчү: Сүрөттөрдүн мүнөздөмөлөрү 137
Көнүгүү В: Интернет үчүн СС-фотосүрөттөр 138
Иш барагы – көнүгүү: Веб үчүн СС-фотосүрөттөр 139
Көнүгүү В: Сүрөттөрдүн күчү – көркөмдүк 140
Иш барагы – көнүгүү: Сүрөттөрдүн таасири – көркөмдүк I 142
Иш барагы – көнүгүү: Сүрөттөрдүн таасири – көркөмдүк II 143
Көнүгүү В: Фотожурналист болуу 144
Иш барагы – көнүгүү: Слайд-шоу даярдоо 146
Иш барагы – көнүгүү: Сюжеттик тилке жана раскадровка 147
Жыйынтык: Пикирлер сүрөттө жанданат 148
Нускамалар: Санариптик редакторлоонун негиздери 149
Үйрөнчүктөр үчүн нускама: Композиция эрежелери I 151
Фото сүрөттөр үчүн нускама: Композиция эрежелери II 155
Сүрөттү санарип редакциялоо боюнча нускама: Picasa (компьютер) 159
Сүрөттү санарип редакциялоо боюнча нускама: Pixlr (смартфон) 162
Сүрөттү санарип редакциялоо боюнча нускама: Pixlr Desktop (Компьютер) 166

Сөздүк 167

Киришүү: Медиасабаттуулук

Медиасабаттуулук деген эмне?

«Сабаттуулук» – бул окуп жана жаза билүү жөндөмдүүлүгү. «Медиа-сабаттуулук» – бул ар кандай медиа түрлөрүн толук кандуу колдоно билүү жөндөмдүүлүгү. Медиа-сабаттуулук – бул адамдарга медиага мүмкүнчүлүк алуу, медиа контентти анализдөө, жаңы медиа маалыматтарды жаратуу, учурдагы медиа-контенттин үстүнөн ойлонуу сыяктуу билимдин топтомдорунун жыйынтыгы. Медиа-сабаттуу адамдар гезит, журнал, китеп, радио, телевидение, билборд, видео оюн, музыка, интернет, социалдык медиа жана башка медианын түрлөрүнөн алынган билдирүүлөрдү, ошондой эле өзү да медиа билдирүүлөрдү даярдоого комплекстүү түрдө жогорку даражада жөндөмдүү болушат.

Көптөгөн өлкөлөрдө медиа-сабаттуулук мектеп программасынын бир бөлүгү болуп калды. Окутуу менен үйрөнүүгө катышкандар медиа-билим берүү критикалык ой-жүгүртүүдө маанилүү, эффективдүү жана кызыктуу экенин окутуучулар тастыктап чыгышты. Медиа технологиялар тез өнүгүп келе жаткандыктан жана медиа система өтө татаал феномен, ошондой эле дайыма түрүн өзгөртүп турса да, медиа-сабаттуулук бүткүл ааламда XXI кылымдын маанилүү илимине айланды.

Эмне үчүн медиа-сабаттуулук абдан маанилүү?

Медиа тууралуу жана анын коомго жана адамга таасирин түшүнө билүү азыр баары үчүн зарыл болгон билим. Медиа-сабаттуулукту арттыруунун бир бөлүгү катары окутула турган көндүмдөр адамдарга өз баалуулуктарын калыптандыруу үчүн алардын билимин жогорулатууга жардам берет. Медиа-сабаттуу адам жөнөкөй жана тез чечимдерди чыгаруудан оолак болуу керек, анткени медиа системаларда, коомдо болуп жаткан процесстердин себептери, ошондой эле айрым жеке адамдардын кулк-мүнөзү комплекстүү жана көп багыттуу.

Медиа сабаттуулуктун максаттарынын бири – маалымат куралдарына кол жеткиликтүүлүгүн арттыруу жана медианы түзүүгө катышууну арттыруу. Медианы кандай башкарууга боло тургандыгын, аларды кандай баалоо керек жана кандай структуралары болушу керек экендиги тууралуу жаңы көз карашты калыптандырат жана бул адамдар багынып берүүчү субъект иретинде эмес, жаран катарында баалана турган коомду түзүүгө жардам берет.

Медиа тармагындагы жаңы технологиялардын аркасында адамдар зор көлөмдөгү маалыматты талдоого, ошондой эле салттуу жана жаңы медиа үчүн түрдүү мазмун жасоого мүмкүндүк алат. Бирок медиа түзүмүн жасоо менен талдоонун маңыздуу көндүмдөрү - ошол тармактагы билимиңизди дайыма жетилдирип отуруу, үйрөтүү. Медиа жана маалыматтык сабаттуулукту өмүр бою жогорулатуу зарыл.

Мугалимдер жаштарды ишке тартуу үчүн мүмкүнчүлүк жаратыш керек, бул студенттерге жалпыга маалымдоо каражаттары, жаңы медиа жана медиа технологиялар менен иштөөнүн түрдүү тажрыйбасын түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Медиасабаттуулук адамдарга жардам берет:

- Критикалык ой жүгүртүү ыкмаларын иштеп чыгуу
- Медиа кабарлар биздин маданиятты жана коомду кандай калыптандыруусун түшүнүүгө
- Маркетингдик максатты маркетингдик стратегиялар менен аныктоо
- Медиа адистеринин максаттарын ачуу: алар бизди кандай нерселерге ишендиргиси келет, же болбосо биздин кулк-мүнөзүбүзгө, ишенимибизге таасир этүүчү кандай аракеттерди жасоого мажбурлайт
- Колдонулган ишендирүү техникасын атаңыз
- Медиа системасын өзгөртүү үчүн чакырык
- Жамандыкты, бурмалоочулукту, жалган маалымат менен алдамчылыкты айырмалаңыз
- Аңгеменин айтылбаган бөлүктөрүн табыңыз
- Өз тажрыйбаларыңызга, көндүмдөрүңүзгө, баалулуктар жана ынанымдарыңызга негиздеп медиа кабарларды баалаңыз
- Жеке медиа кабарларыңызды жаратып жана таратыңыз

Булак: medialiteracyproject.org

Медиасабаттуулукту арттыруу үчүн тренер кандай кадамдарды жасоо керек?

Медиасабаттуулукту окутууда тренердин бир нече ыкмалары бар. Албетте, мугалимдер сунушталган окуу программасынын негизин эркин өзгөртүп, өзүнүн окутуу методикасын жасай алат. Тренерлер өздөрүнүн максаттарын жана аларга кантип жетүүнүн жолдорун түшүнүүсү зарыл. Ошондой эле коучинг сессиясынан кийин рефлексия (анализ) жүргүзүү кажет. Тренердин өзү маалымат куралдарынын кулк-мүнөзү менен медианы керектөө адаттары бар экенин жана анын окутуусуна кандай таасир этүүсүн түшүнүүсү керек.

Тренерлерге студенттерге медиа жана маалыматтык сабаттуулукту окутууда сунушталган беш этапты карманган туура: кирүүгө мүмкүнчүлүктү камсыздоо, талдоо, жасоо, ойлоо жана аракеттенүүнү сунуштоо.

ММС 1 – кирүүгө мүмкүнчүлүктү камсыздоо

Кирүүгө мүмкүнчүлүк – медиасабаттуулукту өркүндөтүүдөгү алгачкы кадам. Бул медиа кабарламаларды кандай табууга жана түшүнүүгө, медиатехнологияларды пайдалануга тийиштүү маселелерди караштырат. Бул этапта адамдар белгилүү бир контекстте керектүү жана тийиштүү маалыматты кандай табууга жана бөлүшүүгө боло тургандыгын үйрөнүшөт.

Мисалы, балдар окууну үйрөнгөн кезде, ошондой эле китеп кармоону жана беттерди барактоону үйрөнөт. Алар тамгалардан куралган сөздөрдүн маанисин байкап, сөз менен сүрөт арасындагы байланышты таанууга үйрөнөт. Басылган сөздүн маанисин түшүнүү – бул ММС алгачкы кадамынын өтө маанилүү чеберчилиги.

Текстке же китепке кандай кол жеткизүүгө боло тургандыгын билүү тажрыйбасын медиа куралдардын бардык түрлөрүнө тийешелүү десек болот. Ар түрдүү медиага кирүү өзгөчө: ар түрдүү медиаларды пайдалануу үчүн ар түрдүү ыкмалар талап кылынат. Мисалы, интернеттеги маалыматты табуу үчүн сиз технологияларды пайдалана билишиңиз зарыл. Издөө жолуна кандай сөздөрдү тандоо керектигин, онлайн-ресурстарга сунушталган шилтемелер арасына кандай өтүү керектигин түшүнүү кажет. Социалдык тармактарда болуу тийиштүү социалдык көндүмдөрдү талап кылат, мисалы пикир алышуу, физикалык жактан эч ким жакын болбосо да, кандай контентти бөлүшүү жакшы экендигин түшүнүү үчүн жана көбүнесе так эместиктерди байкоо чеберчилиги абдан зарыл.

Ар кандай медианын түрүнө же медиа контентке кирүү мүмкүнчүлүгүн таба билүү – чеберчиликсиз эч кимдин колунан келе бербейт. Ар түрдүү техникалык куралдарды жана ар кандай контенттер менен иштөө жөндөмүн пайдалануу боюнча эксперт болуу мүмкүн эмес. Демек, сиз онлайн куралдарга, маалыматка жана программалык камсыздоонун жеткиликтүүлүгүн кандай жакшыртууну билишиңиз абзел. Бул чеберчиликти бир күндө үйрөнүүгө болбойт. Үйрөнүү көп убакытты талап кылат, өмүр бою үйрөнүүнү токтотпоо кажет. Эгер кимдир бирөө заманбап медиа каражаттарынан пайдалануу көнүгүүлөрүн профессионалдык деңгээлге жеткире алса, анда алар медиа куралдарынын жаңы формаларына жана типтерине кирүү мүмкүнчүлүгүн алууда кыйынчылыктарга туш келбейт.

ММС 2 – талдоо жүргүзүү

Маалыматтарды талдоо мүмкүнчүлүгү – медиа жана маалыматтык сабаттуулуктун экинчи этабы. Талдоону билген адам басма сөз жана басма сөз эмес кабарлардын ар түрдүү формаларын, мисалы: сүрөттөр, жазма тексттер, жаңылык кабарламалары, видео, фильмдер, видео оюндар, интернет жана социалдык медиаларды интерпретациялай алат жана баалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат. Ошондуктан студенттерге китептер менен гезиттер, видео жана фото-сүрөттөр сыяктуу визуалдык медиа куралдары, радио менен музыка сыяктуу аудио форматындагы медиа жана видео оюндар, санариптик медиа сыяктуу басма куралдарын түшүндүрүү, Интернет-ресурстар жана социалдык медианы баалоо жана талдоо стратегияларын жасоого үйрөтүү керек.

Талдоо жөндөмдүүлүгү бар адамдар билет, автор – анын максаты, ошондой эле бардык медиа же болбосо жеке кабарлама тууралуу көз карашы, алар кандай кабарламалар болушу мүмкүн жана алардын кандай жазылганын түшүнүү үчүн талдануусу керек. Студенттерге кабардын максаттуу аудиториясын аныктоо, маалыматтын сапаты, ишенимдүүлүгү, ошондой эле аны таратуунун таасири, же болбосо натыйжасын түшүнүү өтө маанилүү экенин үйрөтүү керек.

Медиа-талдоонун максаты – критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүүрүү үчүн туура суроолорду берүүгө үйрөнүү. Дагы башка максаты – социалдык, саясий, тарыхый,

экономикалык жана маданий контексттерде медиа билдирүүлөр жөнүндө ой жүгүртүүгө үйрөнүңүз. Мисалы, медиа-продуктарды жасоого катышуучу уюмдар менен мекемелер тууралуу, ошону менен бирге медиа-коммуникацияны калыптандыруудагы аудиториянын ролу тууралуу суроолорду коюу пайдалуу. Ачык суроолорду коюу мүмкүндүгү маалымат менен медиа куралдарын талдоо жана баалоо билимин өркүндөтүүгө жардам берет. Студенттер билим алууга жана аналитикалык жөндөмдөрүн жогорулатууда сөз байлыгын кеңейтүү керек. Студенттер канчалык көп билсе, алардын суроолору ошончолук жакшы жана тереңирээк болот, бул алардын жаңы маалымат менен жаңы ачылыштарга жетелейт.

Студенттерге талдоо көндүмдөрүн үйрөтүү үчүн мугалимдер жакшы суроолорду берип, аларга жеке пикирлери менен өз баалуулуктарын таңуулабашы керек. Медиа билдирүүлөрдүн «ичинен» таануу тууралуу же тескерисинче, медиа жана алардын кабарламаларына сын көз караш менен кароо үчүн аздап «четтетүү» керек болгон кезде талдоо менен баалоо кажет.

ММС 3 – түзүү

Медиа жана маалыматтык сабаттуулуктун үчүнчү этабы – бул түзүү. Бул этапта студенттерден керектүү медиага кирүү менен талдоо жөндөмүн пайдалануунун жардамы аркылуу өздөрүнүн жеке медиа кабарламаларын түзүү суралат. Өз идеяңызды билдирүү үчүн санариптик куралдарды колдонуу менен, медиа-продукт даярдаңыз жана ал медиа системанын бир бөлүгү болуп калуусу керек.

Мурда медиа кабарламаларды жазуу үчүн калем менен менен кагаздар гана керектелчү. Эми студенттер тексттер, добуштар, музыка, видео, аудио контент, радио-шоулар, подкасттар, санариптик журналдар, блогдор, сүрөттөр, веб-сайттар, мультфильмдер менен компьютердик оюндарды жасоону үйрөнүштү. Контентти түзүүнүн ар түрдүү моделдери бар: мисалы, контентти түрдүү жанрда, анын ичинде баяндоо, ишендирүү же болбосо түшүндүрүү түрүндө жасай аласыз. Аудитория менен сүрөттөрдү, тилди, добушту, графикалык дизайнды, перформанс, интерактивдүү методдорду колдоно аласыз. Студенттер өз идеяларын жеткизе билүүсү жана өздөрүн чыгармачылык жактан көрсөтүү зарыл, өздөрү жасаган нерселерин Интернетти колдонуу аркылуу башкалар менен бөлүшө билүүсү керек. Студенттер белгилүү бир реалдуу аудиторияга арналган семантикалык кабарламаларды иштеп чыгуусу керек. Өздөрүнүн контенти менен бөлүшүү мүмкүндүгү алардын өз оюн билдирүү жөндөмүнө болгон ишенимди арттыра алат.

Контентти жаратуу жана өнүктүрүү көбүнесе биргелешкен процесс боло тургандыгын эскерте кетели. Жамаат менен иштөө жараянында өз контентиңизге концепция жасай аласыз, репетиция кыла аласыз, сунуштап жана анын мазмунун түзөтө аласыз. Бул ар түрдүү талант менен жөндөмдөргө ээ адамдар командада иштей алат дегенди билдирет.

ММС 4 – ой жүгүртүү

Рефлексия же болбосо ой жүгүртүү медиа жана маалыматтык сабаттуулуктун төртүнчү этабы болуп, ал кирүүгө мүмкүнчүлүк алуу, талдоо жана түзүү жөндөмүнө негизделген. Бул чеберчиликти өнүктүрүү үчүн акылмандык менен ойлонуп, кү-

нүмдүк медиа тажрыйбага назар салуу керек. Медиа менен технологиялар адамдын жана анын күнүмдүк кызматына кандай таасир этээри тууралуу ойлоп туруу да зарыл.

Жеке медиа адаттар жана ар кимдин ааламтордо өзүн-өзү кандай алып жүрүүсү адамдын жеке инсандыгына, анын өзүн-өзү баалоосуна, карым-катнашты кандай жүргүзүүсүнө жана келечекте аны эмне күтүп турганына таасир этет. Мугалимдер студенттерди этикалык баалуулуктарга кандай тарбиялоо керектигин жана алардын социалдык, ошондой эле эмоционалдык өнүгүшүнө өз салымын кошуу зарыл экендигин билиши шарт.

Ошондуктан студенттер медиа менен маалыматтык сабаттуулуктун жана медиа каражаттары менен коммуникациялык кулк-мүнөздүн арасындагы байланышты түшүнүүсү өтө маанилүү болуп саналат.

Ошондой эле, студенттерге коомдук жоопкерчилик жана этикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшө турган коомдук жана эмоционалдык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө үндөө керек.

Медиа жана маалыматтык сабаттуулукту арттыруу үчүн студенттер медиада өздөрүнүн жүрүм-туруму, коомдогу өз ара аракеттениши жана белгилүү бир баалуулуктар медиа куралдары аркылуу кандай таратыла тургандыгы тууралуу ойлонуусу керек. Студенттер медиа куралдары менен медиа-технологиялардын адамдардын пикирлери менен кулк-мүнөзүнө кандай таасир этээрин түшүнүүнү үйрөнүүсү керек. Студенттер заттарды ар түрдүү көз караштар менен көрүүнү үйрөнүшү, башка адамдардын ойлорун, сезимдери менен идеяларын кабыл ала билиши, эмпатиясын өнүктүрүүсү керек.

Мисалы, санариптик медианын көз ирмемдик жана узакка созулбашы импульсивдүү жүрүм-турумга алып келиши мүмкүн. Студенттер социалдык тармактарда сүйлөшүү ыкмаларын үйрөнүү аркылуу өздөрүнүн жеке тажрыйбалары менен иш-аракеттери тууралуу ойлоно алат. Бул студенттердин социалдык тармактардагы жана досторунун иш-аракеттерин түшүнүшүнө мүмкүнчүлүк берет. Студенттер ошону менен катар социалдык статус, иерархия жана урмат-сыйдын арасындагы айырмачылыктар карым-катышта, мисалы, мактоо, сын айтуу, ушак сөздөр менен имиштерди колдонууда кандай көрүнөөрүн үйрөнө алышат.

Жашыруун, автордук укук, адилет пайдалануу, аутентификация жана контентти бөлүшүүнүн жаңы жолдору медиа этикасы тууралуу сүйлөшүүнүн жаңы түрлөрүн сунуштайт.

ММС 5 –аракет кылуу

Аракет кылуу – бул медиа жана маалыматтык сабаттуулуктун бешинчи жана акыркы этабы, ал жогоруда айтылган бардык көндүмдөргө негизделген.

Иш-аракет концепциясы медиа жана маалыматтык сабаттуулукту окутууга кирет, анткени студенттердин мүмкүнчүлүктөрү аудитория менен чектелбеши керек, алардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейиши коомдогу процесстер-

ге таасир этиши керек. Идеалында, жергиликтүү, улуттук жана дүйнөлүк маселелерди талкуулоо окуу процессине кошулушу керек. Коомдун маанилүү мүчөлөрү катарында студенттердин добуштары угулушу керек, бул алардын үй-бүлөсүндө, үйдө, мектептерде, жамааттык коомдо жана дүйнө жүзүндө жашоо шартын жакшыртууга да салымын кошмокчу.

Иш-аракеттин эки жолу бар: жеке жана башка адамдар менен биргеликте. Сиз маалымат алмашуу, жамааттардын, элдердин жана дүйнөнүн орчундуу көйгөйлүү маселелерине көңүл бурдуруу үчүн медиа-мейкиндикте аракет кыла аласыз. Таалим менен жарандык жоопкерчилик тыгыз байланышкан, ошондуктан адамдар өз иш-аракеттеринде ак ниеттүүлүк менен жоопкерчиликти кандай өнүктүрүү керектигин үйрөнүүсү керек.

Кадимки активаторлор

#	Сыпаттоо
Чыңалуудан арылыңыз Таанышыңыз	**«Мени тааны, өзүңдү тааны»** Бул оюн бири-бири менен тааныш эмес топтордун мүчөлөрү үчүн өтө ыңгайлуу. Биринчи катышуучу өз атын айтат жана ага жаккан нерсени кошот. Ошону менен бирге ал өзүнө жаккан нерсеге шайкеш пантомиманы көрсөтөт. Андан кийин экинчи катышуучу эстеп калган жана көргөн бардык маалыматты кайталоосу керек.
Чыңалуудан арылыңыз Таанышыңыз	**«Сиз бир кезде?..»** Бул оюн сизге бир топтун мүчөлөрү канчалык ар башка жана ар түрдүү болушу мүмкүн экенин көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Бул оюн чоң топторго туура келет. Катышуучулар тегерете турат же болбосо отурушат. Алар бирөөндө болушу мүмкүн, бирок болбошу да мүмкүн жагдайларга байланыштуу ар түрдүү суроолорду бере тургандыгын алып баруучу түшүндүрөт. Эгер алып баруучу катышуучунун өмүрүндө кандай жагдай болгондугун сураса, анда ал катышуучу айлананын ортосуна чыгып, секирип, айлананын ортосуна чыккан дагы бир катышуучуга «беш» берет. Мисалы, суроолор мындай болушу мүмкүн: сиз эч качан караоке ырдаган эмессизби? Сиздин ониңиз же болбосо карындашыңыз барбы? Эгер суроо аябай жеке болсо, же жооп бирөөнү ыңгайсыз абалга келтириши мүмкүн болсо, тренингге катышуучулар колдору менен токтотуу белгисин билдирүү аркылуу бул суроону «токтото» алат.
Чыңалуудан арылыңыз Жоопкерчилик	**«Тизилгиле!»** «Тизилгиле!» оюну катышуучулар өздөрүнүн алып баруучунун жардамысыз өзүн-өзү уюмдаштыруу керектигин сунуштайт. Тренер катышуучуларга тизилип турууну же болбосо айлана иретинде турат, мисалы, боюна же жашына, туулган күнүнө, же болбосо алфавит боюнча өз ысымдарынын баш тамгалары менен, бир туугандарынын саны боюнча ж.б. турууга тапшырма берет.
Топтук эмпатия	**«Шляпадагы сезим»** Бул оюн инсандар аралык эмпатиянын өнүгүшүнө жардам берет. Тренингге катышуучулар ар түрдүү сезимдерди (коркунуч, тилектер, кыялдар) жашыруун түрдө кагаз бетине жазылат, андан кийин аларды аралаштырып, баш кийимге салат. Андан кийин ар бир катышуучу бирөөнүн жазган сезимин туш келди тандап алат жана окуйт, ага жооп берет, жазылганды түшүнгөндүгүн, же кандайдыр бир чечим же болбосо идеяны сунуштайт.

Топтун активаторлору	**«Айланада кол чабуу»** Айланада кол чабуу активаторунун жардамы менен тренингге катышуучулар тыңдоого, жооп берүүгө жана бирге иштөөгө үйрөнөт. Алар айланага турушат, буттары желкесинин кеңдигинен, колдору болсо алдыга көздөй сунулат. Алып баруучу эми кол чабууларын түшүндүрөт, катышуучулар аны дал ошондой кайталоосу керек, тактап айтканда кол чабуулар менен ыргактар саны дал келүүсү керек. Алып баруучу бир кол чабуу менен баштайт. Окуучулар алакан чабууга камынганыңызды байкап тургандыгына көңүл буруңуз. Катышуучулар сиздин кыймылыңызды кайталайт, бир кол чабууну бир нече ирет кайталаңыз. Андан кийин жаңы кол чабууларды кошуп, ыргагы менен санын өзгөртүңүз, катышуучулар кайталашы керек болгон жаңы ыкмаларды жасаңыз. Андан кийин катышуучулардын бирин алып баруучу болууга чакырыңыз, алып баруучуларды бир нече ирет алмаштырыңыз. Жалпы активдүүлүк менен алып баруучулардын алмашуусу топко биримдик менен бирге иштөөчүлүк духун сезүүгө жардам берет.
Топту аныктоо	**«Менин артымдан кайтала»** Бул оюнда алып баруучу катышуучуларга өзүнө кийин добуштардын комбинациясын кайталоону сунуштайт. Катышуучулар тренер сыяктуу баарын дал келтирип кайталоосу керек. Сиз жөнөкөй комбинациялардан бастай аласыз, мисалы, 2-3 добушту же кол чабууну, андан кийин тапшырманы кыйындата аласыз. Ал үчүн татаал комбинацияларды жасаңыз. Мисалы, дагы да татаал тапшырмалар төмөнкүдөй болушу мүмкүн: алаканды чабуу, жыгачты уруу, бут менен жерди таптоо, манжаларды чыкылдатуу жана «а» деп кыйкыруу. Катышуучулардын бардыгын дал өзүндөй кайталай тургандыгына көз салыңыз. Ошондой эле катышуучулар оюндун алып баруучусу боло алышат.
Топтун активаторлору	**«Кызыл чыканак»** «Кызыл чыканак» оюну – бул алып баруучу дененин түсү менен бөлүгүн атайт. Ар бир катышуучу аталган түстү таап, дененин аталган бөлүгүн ошол предметке тийгизүүсү керек. Мисалы, алып баруучу «кызыл чыканак» десе, катышуучулар бөлмөдө кызыл предметти таап, ага чыканагын тийгизиши керек. Оюнга атаандаштык элементтерин кошуу үчүн, керектүү затты акыркы болуп тапкан адам оюндан чыгарылат, оюнда калган адам жеңүүчү болуп эсептелет.
Топтук байланыш	**«1, 2, 3 – 1, 2, кол чабуу!»** Бул оюн концентрацияны талап кылат, ошону менен бирге катышуучуларга энергия берет. Катышуучулар айланага турушат, алып баруучу алардан акы төлөөнү сурайт, мисалы, «биринчи», «экинчи» ж.б. Баары иретке келтирилгенден кийин, тренер бир ирет төлөөнү сурайт, бирок азыр ал ар бир үчүнчү санга (3, 6, 9, 12...) ар кимдин кол чабуусу, же болбосо төртүнчү санда секирүү милдетин кошот. Эгер кимдир бирөө ката кетирсе, оюн кайрадан башталат. Максат – мүмкүн болушунча көпкө чейин саноо. Кааласаңыз оюнду татаалдатышыңыз мүмкүн.

Активдуулуктун тынч түрлөру	**«Адам түйүнү»** Бул оюн физикалык байланыштарды камтыйт, оюн өтө көңүлдүү жана көйгөйлөрдү чечүүгө үйрөтөт. Катышуучулар айланага туруп, ар кимиси оң колун ортого сунуп турушат. Андан кийин ар бири эки катышуучунун колунан кармоосу керек. Ар бири үчөө менен байланышкан кезде, катышуучулар түйүндү ачууга аракет кылышат, ошол эле учурда чаташкан колдорду ажыратууга болбойт.
Активдуулуктун тынч түрлөру	**«Ишеним»** Катышуучулар 10 адамдан болуп айланага турушат, эгер катышуучулар көп болсо, анда бир нече айлана болушу мүмкүн. Катышуучулар кол кармашат, анан биринчиси алга, ал эми экинчиси артка карай ийилишет. Катышуучулар өз ордун сактап калуу үчүн топко ишениши керек экенин түшүнүшү зарыл.
Активдуулуктун тынч түрлөру	**«Тынчтык!»** Алып баруучу катышуучуларды бөлмөдө эркин багытта жүрүүнү сунуштайт. Оюнду тез кыймылдоо менен баштоо керек. Мисалы, алып баруучу кол чабат жана «кабылан сыяктуу жүгүр» дейт. Бир аз убакыттан кийин алып баруучу колдорун чабат жана / же болбосо «токто» деген сөздү айтат жана баары кыймылсыз токтоп калуусу керек. Бир нече секунддан кийин кайрадан белги берилет, анан баары кайрадан жүрө баштайт, андан соң алып баруучу «жолборс сыяктуу сейилде» дейт. Ал тапшырмадан кийин соңку буйрукту айтат: «ташбака сыяктуу жүргүлө». Аягында баары токтоп, катып калышат.
Активдуулуктун тынч түрлөру	**«Адам машина»** Тренер ар бир катышуучудан жөнөкөй аракетти сүрөттөп, ага кандайдыр бир машинанын добушун кошууну сурайт. Бир адам «машинаны баштайт», ал эми калгандары өз кезегинде «машинага» кошулат, мисалы, алдыдагы катышуучунун колунан кармайт. Бул жагдайда ар ким өз аракетин сүрөттөп, добушун чыгаруусу керек, «машина» жүрүүсү керек, бардык катышуучулар «бир машинага» айлануусу керек. Убакыттын өтүшү менен алып баруучу же болбосо катышуучулардын бири «кнопканы басат» жана «машина» акырындайт. Бирөө дагы бир жолу «конопканы басат», «машина» андан да жайлайт. Акырында машина токтойт. (Бул оюн автомобиль туралы эмес, ар кандай машина аппараты тууралуу)

1-бөлүм
Медиа жана медиасабаттуулук

«Медиа» тууралуу маалымат

«Медиа» деген эмне?

Медианын бир нече аныктамалары бар. Бул термин, мисалы, «кадимки байланыштын, маалыматты берүүнүн жана кабыл алуунун жолдору же каналдарынын бири, ошондой эле көңүл ачуу, мисалы, гезиттерде, радио же телевидениеде» деген маанини билдирет. Медиа адамдар арасында кабар алмашуу үчүн колдонулат. Бул билдирүүлөр тет-а-тет эмес, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жөнөтүлөт. Бул маалымат алмашуу учурунда, билдирүүлөрдү жөнөткөндөргө (медиа түзүүчүсүнө же жаратуучуларына) коддолгон жана аны алган адамдардын үчүн (аудитория) чечмеленген кабарлар медиа кабарлар деп аталат.

Медиадан бир нече мисал

Медианын пайда болушу жазуу тилинин өнүгүшү менен байланыштуу. Биринчи жолу, адамдар жазууну жана кайра-кайра көчүрүүнү үйрөнүштү. Учурда электрондук эмес басма сөз каражаттарынын бир нече түрү бар:

- Мезгилдүү басылмалар жана жазмалар
- Гезит жана журналдар
- Китептер
- Комикстер

20-кылымда адамдар электрондук маалымат каражаттарын колдоно башташты, анткени жалпысынан технологиялар, айрыкча, медиа тез өнүгүп баштады. Электрондук жана басма эмес медиалардын мисалдары:

- радио
- кино
- телевидение
- компьютерлер (CD, флэш-карталар)
- видео оюндар
- интернет
- музыкалык жазуулар
- электрондук китептер

Медианы 4 түргө бөлсө болот: басма, визуалдык медиа, үн, санарип же дижитал (digital) медиа. Бул категориялар болжолдуу, анткени бир эле типтеги көпчүлүк медиа башка медиа түрлөрүнүн элементтерин камтыйт.

Басма: китептер, гезиттер, журналдар

Визуалдык: кино, телевидение, фотосүрөт, сүрөт

Добуштук: радио, жазылган музыка, CD, MP3 аудио файлы

Санарип: Интернет, имэйл, видео оюндар, социалдык тармактар

Массалык медиа жана массалык коммуникация деген эмне?

Массмедиа – булар негизги максаты чоң аудиторияга маалымат жеткирүүдө колдонулган ар түрдүү медиа технологиялар болуп эсептелет (китептер, гезиттер, радио, телевидение, фильмдер, жазылган музыка, сайттар, жарнама ж.б.). Адатта, массмедиа бир багытта жылат: медиа жаратуучулардын чакан тобу (медиамейкерлер) белгилүү бир баалуулуктарды бириктирип, белгилүү максаттарга жетүү үчүн коомчулукка жайылтуучу медиа контентин түзүшөт. Көпчүлүк жалпыга маалымдоо каражаттарын жаратуучулардын максаты, мисалы, жарнамалоо, музыка, фильмдерди, телекөрсөтүүлөрдү, видео оюндарды сатуу же атактуу болуу, ошондой эле таасир жана күч алуу аркылуу акча табуу.

Инсандар аралык коммуникация деген эмне?

массалык коммуникациянын карама-каршысы. Билдирүү алмашуу эки же андан ашык катышуучунун ортосунда жүргүзүлөт, алардын ар бири билдирүүнү жөнөткөн адамга жооп бере алат жана эгер билдирүү жетишсиз болсо, суроо бериши мүмкүн. Жеке адамдар менен байланыш каражаттары билдирүүлөрдү жеткирүү үчүн маалымат каражаттарын колдонушу мүмкүн: кат жазуу, открытканы же жазуу түрүндө, смартфон аркылуу билдирүү жөнөтүү, мисалы, WhatsApp мессенджери аркылуу сүрөт таркатуу, чалуу же видео конференция уюштуруу.

Социалдык медиа массалык коммуникациянын жана инсандар аралык коммуникациянын элементтерин айкалыштырат.

Медиа маалымат деген эмне?

Медиа кабарлар – бул медиа аркылуу алмашкан билдирүүлөр. Билдирүүдө ар кандай темалар боюнча маалыматтар, фактылар, тажрыйба, ой-пикирлер, сезимдер, ойлор, таасирлер камтылышы мүмкүн. Медиа билдирүүлөрүн медианы жаратуучулар (медиамейкерлер) жана медиа адистер таратышат.

Медиа кабарларды алмашуу учурунда вербалдуу жана вербалдуу эмес байланышты колдонуңуз. Вербалдуу байланыш сөздөрдү жана фразаларды колдонуп, оозеки жана жазуу түрүндө байланышты камтыйт. Вербалдуу билдирүүлөр сөздөрдүн мазмуну жана мааниси, ошондой эле аларды көрсөтүү ыкмаларынан турат. Мисалы, медиа-билдирүү медиамейкерлердин узак же кыска фразаларды колдонушуна же билдирүүнүн кайсы тилде жазылганына жараша өзгөрүлүшү мүмкүн: жөнөкөй же татаал чет элдик сөздөрдү колдонуу менен. Вербалдык эмес байланыш – бул сөздү колдонбостон билдирүүлөрдү жөнөтүү жана алуу процесси жана визуалдык, ошондой эле үн билдирүүлөрүнүн жардамы менен жүзөгө ашырылган, мимика, жаңсоолор, музыка, үндөр, добуш, айлана, сырткы көрүнүш, эмодзи ж.б.

Текст жана субтекст деген эмне?

Медиа маалыматтарда көбүнчөсү текст жана субтекст экөөсү бирдей колдонулат. Текст вербалдуу жана вербалдуу эмес коммуникацияга да тиешелүү болуп эсептелет. Окууга жана угууга оңой болгон маалымат болуп эсептелет. Тексти биздин аң сезимибиз оңой кабылдап, анализ кылууга ыңгайлуу. Реклама жогоруда айткандарыбызга эн жакшы мисал боло алат. Анткени рекламада текст да, субтекс да колдонулат. Адатта рекламада текст сүрөттөр менен коштолот. Бул ошол рекламаны көргөн же окуган адамга анализ жүргүзүүгө ыңгайлуу, башкача айтканда жогорку даражада шарт жаратып берет. Ал эми сүрөттөр, чиймелер болсо рекламаларда башка даражада таасир берет. Башкача айтканда алар сезимдерге таасир берүүчү нерселер болуп эсептелет. Адатта рекламада (жарнакта, жарнамада) бизге башкаларда ошондой болууну самаган сулуу жана келишимдүү, жарашыктуу кийинген же болбосо модалуу көрүнгөн адамдарды көрсөтүшөт. Мындай текст жана субтексттин карым-катышы, комбинациясы менен жарыяланган реклама бизге жакшы маанай тартуулап, кайсы бир кийим-кечени же азыкты, эмерек д.у.с. сатып алууга ынандырат.

Мындай рекламалардагы субтексттер көпчүлүктүн аң сезимине таасир берип, рекламада көрсөтүлгөн моделдердей жашагыларын келтирип жиберет. Же болбосо реклама күчтүү иштелгендиктен, андагы көрсөтүлгөн товарларды кантип алып алгандарын байкабай калгандар деле кездешет. Башкача айтканда субтекст текстти дагы да күчтөндүрүп, аң-сезимге таасир берүүгө жакындан жардам берет. Мында медиамейкерлердин негизги максаты рекламаны көпчүлүккө жеткирүү болгондуктан алар аябай изденүү менен иштешет. Биз субтекстти жашообузда дайыма кездештиребиз. Аны ар ким ар кандай кабылдайт. Тагыраагы бул нерсе ар кимдин билимине, социалдык жана маданий тажрыйбасына байланыштуу болот. Мисалы, биз сылык-сыпаа болуш үчүн же башка себептер менен өзүбүздүн оюбузду айткан жокпуз. Ниетибизди түз текстте билдирүүнүн ордуна, аны субтекст аркылуу өткөрүп беребиз. Биз чынында жеткизгибиз келген кабарды текстте бербейбиз, башкача айтканда мааниси гана жүзөгө ашырылат. Тексттерди жана субтекстти түзгөндө медиамейкерлер да ошондой кылышат.

Медиа маалыматтын максаты эмне?

Медиа билдирүүнүн максаттарын түшүнүү үчүн, өзгөчө, медиамейкерлердин ким экендигин билүү жана алардын (алардын ичинде өзүбүзгө да) мүмкүн болгон максаттары жөнүндө суроолорду берүү маанилүү. Медиа билдирүүнүн максаттары медиа формасына, анын коомго кандайча таасир этишине, медианы түзүүгө канча каражат сарптоого, медианы каржылаган жана максаттуу аудиторияга ээ болгон медиамейкерлердин өзгөчө кызыкчылыктарына байланыштуу болот

Көпчүлүк медиалар коммерциялык кызыкчылыктарды көздөгөн мекемелер болуп эсептелет. Медианын ишинин алга жылуусу үчүн көптөгөн акча каражаты керектелет. Ошондуктан медианын дагы бир максаты каражат табуу болуп эсептелет. Мисалы, кино тартууну алалы. Бул нерсе көптөгөн суммадагы акчаны талап кылат . Андыктан кино сценарист же режиссёр кино тартаардан мурда ага кеткен чыгымды актоо менен бирге пайда табууну да турмушка ашыр ала турган продюссерлерди издешет. Анткени кино канчалык мыкты тартылганы менен анын чоң

аудиторияга таркалуусу, миңдеген билеттердин сатылуусу, кеткен чыгымдардын акталуусу, киреше алынып келиши бүт-бүт баарысы продюссерге байланыштуу болот. Мындайда кээ бир продюссерлер ага-буга башын оорутпай эле, продакт плейсмент (кино тартууда кайсыл бир продукцияны, кийим-кечени, автоунааларды д.у.с. кино арасында колдонуп, кыйыр түрүндө рекламалоо) аркылуу көп суммадагы акча табууга жетишет. Мындай нерсени Джеймс Бонд тууралуу кинодон байкасак болот. Анда башкы каарман BMW автоунаасында жүргөндүгү үчүн эле автоунаа чыгарган компания кино тартуучуларга чоң суммадагы акча төлөп берген.

Дагы бир башка мисал: коммерциялык телевидениелердин жумуштары дээрлик бардыгы рекламага байланыштуу болот. Алар эфирдик убакыттын ар бир секундасын сатышат. Эгерде алардын аудиториясы чоң болсо, анда алар рекламадан жакшы киреше табышат. А бул деген аудиториясы чоң телевидениенин рекламадан да чоң киреше табууга мүмкүнчүлүгү бар дегендикти билдирет. Андыктан теледе иштеген медиамейкерлер программалардын кызыктуу болуп, көп көрөрмандарды тартуу үчүн жан үрөп иштешет. Тажрыйбалуу медиамейкерлердин айтымында кээ бир маанилүү маалыматтарга, берүүлөргө караганда көңүл ачуучу программалар көп көрөрмандары өзүнө тартат. Бул нерсе коммерциялык телевидениелердин эфирлеринде маанилүү программаларга караганда комедиялык кинолор, сериалдар, ток-шоуларга орун көп берилүүсүнө себеп болот.

Ошондой эле көптөгөн өлкөлөрдө мамлекеттик телерадикомпаниялар да бар. *(Мисалы Кыргызстанда «5-канал», «Пирамидадан» тышкары 6 облуста мамлекеттик телерадио компаниялар бар. Ал эми 2017-жылы болсо 3 райондук, 12 облустук газеталарга мамлекеттик бюджеттен акча каражаттары ажыратыла баштады. Азыркы күндө жогорудагы медиа каражаттарын кайрадан заман талабына ылайык өзгөртүп уюштуруу жараяны жүрүп жатат)*. Мамлекеттик медиа каражаттарынын негизги милдети мамлекеттин саясатына ылайык маалыматтарды даярдоо жана таркатуу болуп эсептелет. Мындай мазмундагы маалыматтардын негизги максаты жарандарды бийлик башындагы жетекчилер, лидерлер коомчулук үчүн кызмат кылып жаткандыгына ынандыруу болуп эсептелет. Мамлекеттик медиа бийлик башындагылардын көз карашына дал келбеген ой-пикирлер, сунуштар, сындар камтылган маалыматтарды жарыялабайт. Мамлекеттик массалык маалымат каражаттары негизинен үчүнчү дүйнө өлкөлөрүнө мүнөздүү. Ал эми өнүккөн өлкөлөрдө коомдук телеканалдарда, чоң медиахолдингдер деле мамлекеттик бюджеттен каржыланат

Кыргызстанда КТРК жана «ЭлТР» жогоруда айтканыбыздай коомдук телерадио компаниялар болуп эсептелет. Бул коомдук телерадиолордун негизги максаты коомчулукка кызмат кылуу болуп саналат. Коомдук ММК институту коомчулукка ар түрдүү маанидеги маанилүү маалыматтарды алууга жана жарыялоого шарт жаратып берет. Кыргызстанда коомдук медиа мамлекеттик бюджеттен каржыланат. Дүйнөдө мындай мамлекеттик бюджеттен каржыланып ийгиликтүү иш жүргүзүп жаткан медиалардын сап башында Улуу Биританиянын улуттук коомдук телерадио берүү уюму болгон Би-Би-Си турат. Бул медиада журналистиканын стандарттары жогорку деңгээлде сакталган. Балким бул уюмдун мындай жоопкерчилик менен иштешине биритандык салык төлөөчүлөрдүн эсебинен «жашагандыгына» байланыштуудур. Себеби, компаниянын бюджети британдыктардын телевизор,

телефон дегеле видео маалыматтарды көргөндүгү, колдонгондугу үчүн төлөгөн салыктын эсебинен каржыланат.

Айрым өлкөлөрдө жана аймактарда кээ бир жарандар «көз карандысыз медиаларды» уюштурушат. Алар «көз карандасыз» медиа терминин өздөрү түптөп жаткан медианын маалыматтары коммерциялык же мамлекеттик кызыкчылыктардан эркин болуусу маанисинде колдонушат жана ошондой болууну каалашат. Көз карандысыз медиа чындыгында жашоодо эң башкы ролдорду ойнойт. Анткени анда калктын бардык катмарына жетүүгө тиешелүү болгон түрдүү пикирлер, сындар, сунуштар сыяктуу маалыматтар жарыяланат. Айрыкча бийлиги жок тараптардын үнүн көпчүлүккө жеткирүүдө көз карандысыз медианын ролу чоң.

Медиа маалыматты манипуляциялоого болобу?

Медиа негизинен көп учурда идеологиялык маалыматтарды тарката тургандыгын унутпашыбыз керек. Кайсыл медианы ким каржылаган болсо ошол медиада анын идеологиясы же максаты, көз карашы түз же кыйыр түрүндө таркатылат. Мындайды ал медиада иштеген кээ бир медиамейкерлер назарына илсе, айрымдары маани деле беришпейт.

Албетте, бул жерде медиа адистер эң оболу кандай окуяны кантип жарыялоо керектигин же тескерисинче керек эместигин өздөрү чечишет. Ал эми бул нерсе туурасында аны окуган, көргөн, уккан аудитория билбей деле калат.

Экинчиден, медиа маалымат ынандыруу тили менен жарыяланат. Тагыраагы профессионалдар медиа маалыматтарда эмнени, кантип, кайсыл учурда айтуу, жазуу керектигин, кандай ыкмаларды колдонсо жарыяланган маалымат аудиторияга катуу таасир бере тургандыгын жакшы билишет. Ал тургай мунун үстүндө такай изденип турушат. Окумуштуулар өз тыянактарында жарыяланган маалымат эгерде эмоционалдык даражада иштелип чыккан болсо аябай катуу таасир бере тургандыгын айтышат. Мындай ийгиликтерге жетүү үчүн маселен, кинодо музыка колдонулат. Айрыкча коркунучтуу, кубанычтуу, аянычтуу же кайгылуу тасмалар адамдардын сезимдерин ан сайын ойготуу үчүн ошого ылайык музыкалар тандалып коштолот. Дагы башка жолдор бар. Алсак, гезит, журналдарда жарыяланган рекламалык маалыматтарда, теле, радиолордо, интернет желелеринде коюлган роликтерде рекламаланып жаткан азык-түлүк, кийим кече д.у.с. көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бурдуруу максатында чоң көлөмдө көрсөтүлөт. Медиа адистер эмоцияга кантип таасир берүүнүн ыкмаларын жана жолдорун жакшы билишет деп айттык жогоруда. Анын сыңарындай алар кээде окурмандын оюн маалыматка буруу үчүн гезит, журналдардагы макалаларга «обу жок» темаларды коюп жарыялашат. Алар мындай кадамдары менен аудиторияны же окурмандарды ошол маалыматты бура бастырбай окуганга кызыктырышат.

Медианын коомдогу орду кандай?

Бул соболго бардык жарандарды ынандыра турган жооп айтуу кыйын. Бирок, медиа коомчулукка буга чейин деле, мындан кийин деле таасирин тийгизип келген жана келе берет десек жаңылышпайбыз. Айрыкча бүгүнкүдөй ааламдашуу жараяны ансайын тездик менен жүрүп жаткан ушул чакта медиа контент дегеле медиа

тармагы талаш-тартыштын, талкуунун предмети болуп келет. Ал эми ага жарыяланган маалыматтар коомчулуктун эмне жөнүндө ойлоп жаткандыгынан, кандай кырдаалдарга кириптер болгондугунан кабар берет.

Медиа социалдык жашоонун, билим берүүнүн, көңүл ачуунун бир бөлүгү. Аны менен бирге коомчулуктун маданияты, жүрүм-турумунан кабар берет. Буга кошумча маданияттардын жардамдашуусуна, бири-биринен кабар табуусуна да чоң таасирин тийгизет. Коомчулукка медиа канчалык күчтүү таасир берет деген суроонун тегерегинде баш катыруубуздун ордуна, медианын коомчулуктагы карым-катнашы туурасында ойлонгонубуз оңураак

Медианын жашообузга тийгизген таасири бир жактуу эмес десек ашыктык кылбайт. Коомчулукка медиа, ал эми медиага коомчулук таасир берип, бирин-бири толуктап турат. Андыктан медиага ар кандай, ар түрдүү аныктама берилиши табигый көрүнүш.

Эң башкысы, медиа ар дайым коомдогу болуп жаткан жараяндарга жана тенденцияларга байланыштуу болот. Маселен, диктатуралык башкаруу өкүм сүргөн мезгилдерде же мамлекеттерде көз карандысыз медианы табуу кыйын. Ал эми рынок экономикасы өз мыйзамдарын жүргүзгөн мамлекеттерде коммерциялык медиалар да көп болот. Баса белгилеп кетүүчү жагдай, медианын ооздукталуусу жарандардын ал же бул маселеде ой-пикирин айтып чечим кабыл алынышына мүмкүнчүлүктөрдү азайтат. Коомдун ар бир мүчөсү кайсы бир маселени талкуулоого, ага карата өз ой-пикирин билдирүүгө жана коомчулук тандаган багытын колдоо же тескерисинче колдобоого укуктуу. Ал эми ушундай чечимдерге жолтоолук жаратып медианын ооздукталуусу албетте акыйкатка туура келбейт.

Медиа каражаттарынын жеке инсанга кандай таасир тийгизет?

Бул суроого да бир жактуу жооп берүүгө туура келбейт. Бул нерсе ошол медиа каражаттардан маалымат алып жаткан адамдын инсандык сапаттарына, дүйнө таанымына байланыштуу болот. Медиа тармагында ар ким өз аудиториясын көбөйтүү максатында чоң атаандаштыкта жүрөт. Ошого байланыштуу телерадиолордо адамдын бүйүрүн кызыткан кызыктуу маалыматтар жана көңүл ачуучу программалар көп сунушталат. Ал эми социалдык желелерде болсо жаңылыктарга караганда музыка, видео тасмалар, компьютердик оюндар көп аудиторияны өзүнө бурат.

Көпчүлүк адамдар медианы бул же тигил тарапта болуп жаткан ар кандай актуалдуу окуялардан маалыматтарды алуу, жаңылыктар менен таанышуу, көңүл ачуу максатында колдонушат. Дегенибиз медиа жогоруда айтканыбыздай ар кимге ар кандай дүйнө таанымына, кызыгуусуна жараша таасир берет.

Ошондой эле бул нерсе кайсы бир мамлекеттин жашоочулары же болбосо кайсы бир муундун өкүлдөрүнүн медиа жаатында тажрыйбасынын аздыгына же көптүгүнө байланыштуу да таасир бериши мүмкүн.

Экинчи жагынан, адамдар ар кандай жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу алынган маалыматтардын негизинде өз маанилерин түзүшөт. Билдирүүлөр медиамейкерлер тарабынан коддолгон болгондуктан, аларды ушул билдирүүлөр-

дү алуучулар чечмелеп алышы керек. Бул билдирүү алуучунун кандай баалуулуктарга, жашка, тажрыйбасына, билимине жана кызыкчылыктарына жараша бир нече жол менен болушу мүмкүн. Кээде бир эле фактылар же маалыматтар ар түрдүү адамдарга ар кандай таасир бериши мүмкүн. Башкача айтканда бул нерсе маалыматтын иштелишине байланыштуу болот.

Ар кандай медиа мээде кандай иштелип чыгат?

Окумуштуулар медианын мээге таасир беришин жана анын медиадагы маалыматтарды кабыл алыш жараяны кандай болоорлугун аябай тыкыр изилдеп көрүшкөн. Натыйжада бул жараян өтө татаал экендиги байкалган. Кызыгы, адамдын мээси телевизордон, радиодон түздөн-түз берилген медиа маалыматтарга караганда, каалаган мезгилде кайрадан барактап, окуп чыгууга мүмкүнчүлүк болгон гезит жана журналдардагы маалыматтарды жакшы эстей албай тургандыгы белгилүү болгон. Буга кошумча басма сөз каражаттары, ооз эки айтылган кептер мээнин бир бөлүгүндө, сүрөттөр, чиймелер бир бөлүгүндө сакталып калган. Логикалык чечимдерди чыгарууга жооптуу болгон мээнин сол шары тил маалыматтарын иштеп чыгат. Ал эми оң жагы болсо эмоцияны билдирип, музыка, визуалдуу образдарды кабыл алат. Бул нерсе эмне үчүн адамга музыка жана сүрөттөр башка нерсеге караганда катуу эмоционалдык маанай тартуулай тургандыгын ачыктап берди.

Негизги эрежелер

Медианы түшүнүү

Медианы түшүнүү үчүн биз өзүбүзгө бир нече суроолорду берип көрүшүбүз керек. Мисалы: Медиага эмне мүнөздүү? Бул медианын кайсыл тибине кирет? Медиа үчүн контетти ким түзөт? Медиага маалымат түзүү үчүн канча убакыт талап кылынат? Медианын негизги максаттагы аудиториясы кимдер болот? Маалыматтарды аудиторияга толук жетүүсү үчүн эксперттер эмнелерди пайдаланышат? Кандай маалыматтар жеткиликтүү болот? Медиамейкерлер маалымат менен кантип ынандыра алат?

Гезит жана журналдар

Бул убакка чейин традициялык гезит жана журналдар **электрондук эмес басылмалар** катары эсептелчү. Бүгүнкү күндө көптөгөн ошол эле гезит жана журналдардын интернет сайттары да бар. Гезит менен журналдарды **каржылоо** анын ишмердүүлүгүнө байланыштуу болот. Эгерде ал мамлекеттик болсо мамлекет тарабынан каржыланат. Ал эми кимдир бирөө же кайсы бир компанияныкы болсо, алар өздөрүн-өздөрү каржылайт. Мындан тышкары эч кимге баш ийбеген басылмалар да бар. Алар адатта коомдук медиа деп аталат. Медианын ишин жүргүзүүчүлөр негизинен **медиамейкерлер** деп аталат. Алар журналисттер, сүрөт кабарчылар, редакторлор, корректорлор, тамга терүүчүлөр, гезит менен журналдарды жасалгалоочу дизайнерлер жана программисттер болуп эсептелет. Гезит менен журналдарда **медиа маалыматтар** кара же түстүү болуп, сүрөттөрдүн, карикатуралардын коштоосунда, ар кандай шрифттер менен ар түрдүү рубрикалардын астында, темалар коюлуп жарыяланат. Гезит менен журналдар мезгилдүү басылмаларга кирет. Алар адатта күн, апта же ай сайын чыгып турат. Аларды басууга даярдоо үчүн кээде бир күн, айрым учурларда бир жумага чейин убакыт талап кылынат. Мезгилдүү басылмалардын тапкан кирешеси аларга жарыяланган жарыялардын, жазылуудан түшкөн каражаттардын эсебинен болот. Кээде айрым саясатчылар шайлоо учурунда жана башка мезгилдерде да коомчулукка таасир берүү максатында атайын медиа басылмаларды каржылап турат..

Китептер

Баарыбызга маалым болгондой адатта китептер жакынкы мезгилге чейин эле медианын басылма түрүнө кирчү. Азыр болсо китептердин электрондук түрлөрү да бар. Бүгүн мезгилге жараша көпчүлүк мобилдик телефондо, планшетте, компьютерде электрондук китептерди (e-books) окушат. Китептер көбүнчө басма-каналар жана компаниялар тарабынан **каржыланат.** Китеп **медиамейкерлерине** болсо аны жазган авторлор, редакторлор, арип терүүчүлөр, китепти жасалгалап, басууга даярдаган дизайнерлер, программисттер (e-books) кирет. Китептердин сырткы көрүнүштөрү, мукаба, сүрөттөр жана автор аны менен бирге китеп тууралуу кыскача маалымат берген тексттер менен **медиа маалымат** билдирилет. Китептер атайын илимий адабияттар жана көркөм адабияттар, жол көрсөтүүчү д.у.с. мектеп окучуулары үчүн чыгарылган китептер болот. Бир китепти даярдоо үчүн кээде бир нече айлап убакыт талап кылынат. Китеп чыгарган мекемелердин кирешеси китептерди сатуудан түшөт. Китептер жакшы сатылып **пайда** алып келиши үчүн алар гезит, журналдарга, радиолорго, телевидениелерге рекламалоого аябай көп акча сарпташат.

Радио



Радио – бул басылма медиа эмес. Ал эфир аркылуу маалыматтарды жеткирүүчү медиа болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө көптөгөн радиостанциялардын берүүлөрүн интернеттен да каалаган учурда уга алабыз. Радиолорду **каржылоо** да жеке компаниялар же жеке инсандар тарабынан жүргүзүлөт. Кээ бир радиостанциялар мамлекеттик да болот. Радио журналисттер, андагы берүүлөрдү алып баруучулар, редакторлор, музыканттар, дегеле радио берүүлөрдүн обого чыгышына салым кошкондордун баарысы **медиамейкерлер** деп аталат. Айрым учурларда радио берүүнү обого чыгаруу үчүн алып баруучу жана редактор экөөсү деле жетиштүү болот. Көптөгөн радио берүүлөр алдын ала даярдалат. Анан обого чыгарда алып баруучу радио журналист даярдаган текст боюнча алып барат. Радиодо медиа маалыматтар өз алдынча же музыканын коштоосу менен да обого чыгарылат. Радио берүүлөрдү даярдоо үчүн кээде бир нече минуталардан бир нече апталарга чейин **убакыт** талап кылынышы мүмкүн. Бул даярдалган программанын тематикасына байланыштуу болот. Радиостанциялар деле **кирешени** обого чыккан убактысын рекламага сатуу менен **пайда** көрүшөт. Мындан тышкары кээ бир радиостанциялар өздөрүнүн кожоюндарынан акча алып турушат. Айрымдар угуучуларынан взнос чогултуу аркылуу (краудфандинг) кире табууну көздөшөт. (Кыргызстанда Марал FM радиосу ушундай кылууга аракеттенип көргөн).

Кино

Кино – бул алгач тартылып, анан кинотеарларда коюлган, кийинчерээк DVD дисктерине жазылган, басма эмес электрондук медиа болуп эсептелет. Адатта интернет желелеринде кинолорду уруксатсыз жаздырып, тараткандар да болот. Муну Blu-ray деп да аташат. **Каржылык** маселеси кинодо көп учурда комплекстүү болот. Кино тартаардан мурда режиссёрлор, авторлор, продюссерлер каржы булактарын издешет. Кино тартууга кетүүчү акча каражаттын суммасы ар кандай болот. Кантсе да кино көптөгөн сумманы талап кылуучу медиа болуп эсептелет. Кээде кинолорду жеке адамдар же продюссердик компаниялар да тартышат. Айрым учурларда кинолор коммерциялык телерадиокомпаниялар же өздөрүнүн продукцияларын реклама кылууну каалаган чоң-чоң компаниялар тарабынан да каржыланат . (Маселен кинодогу башкы каарман Mercedes, BMW дагы ушул сыяктуу унааларда жүрүшү мүмкүн). Кинодо **медиамейкерлер** жүздөп, а тургай миңдеп саналышы мүмкүн. Алардын катарына режиссёр, режиссёрдун жардамчылары, сценаристтер, кинонун автору, актёрлор, операторлор, костюмерлер, үн режиссёрлору, дублёрлор – ушулардын баарысын кошууга болот. Медиа маалымат кинодо актёрлор тарабынан кайсы бир окуя түрдүү түстөрдүн, ар кандай музыкалардын, атайын тигилген кийим-кечелердин жана үндөрдүн коштоосу менен мыкты тартылат. Бир кинону тартуу үчүн жок дегенде жарым жыл талап кылынат. Кинолордун **кирешеси** сатылган билеттердин, дисктердин жана телекомпанияларга сатуудан түшөт.

Телевидение

Телевидение – бул электрондук эмес медиа. Көптөгөн телекөрсөтүүлөр эфирге чыккандан кийин, интернет-ресурстарына жайгаштырылат. Телеканалдарды каржылоо – эгер ал мамлекеттик болсо бюджеттен каржыланат (салыктын эсебинен). Айрым өлкөлөрдө атайын салык бар, ал салыкты сатып алуучу телевизор алып жатканда төлөйт, бул салык түрү телекөрсөтүүнү каржылоо үчүн колдонулат (мисалы, Улуу Британиянын BBC телерадио компаниясы ошондой салыктын эсебинен каржыланат). Ошондой эле дүйнөлүк тажрыйбада жеке жарандар телекомпания иштөөсү үчүн каражат топтогон учурлар да бар. Мындайлар – краудфандинг деп аталат. Бул жерде **медиамейкерлер** – программанын директору, режиссёрлор, алып баруучулар, телекөрсөтүүнүн журналисттери, редакторлор, кызмат аткаруучулар, операторлор, үн режиссёрлору, редакторлор, актёрлор, белгилүү адамдар, саясатчылар, музыканттар жана башкалар. **Медиа билдирүүлөр** программанын мазмунун тандоо аркылуу, программалардын өзүлөрү, тандалган алып баруучулар жана модераторлор, тил жана текст-

тер, визуалдык билдирүү жана үн эффекттери аркылуу көрсөтүлөт. Телекөрсөтүү программасын түзүүгө талап кылынган убакыт бир нече сааттан бир айга чейин өзгөрүп турат. Киреше булагы жарнамалык убакытты сатуудан, компаниялардын жана уюмдардын демөөрчүлүгүнүн эсебинен түзүлөт. Эгер компания же жеке адам телеканалды каржылоого акча коротсо, анда алар программалардын мазмунун, темаларды жана ой-пикирлерди тандоого таасир этүүнү каалашат.

Видео оюндар

Видео оюндар басылма эмес электрондук медиага кирет. Мындай оюндарды атайын орнотулган аппараттардын же компьютер, мобилдик телефон аркылуу ойноого боло тургандыгын баарыбыз билебиз. Мындайларды көбүнчө бул индустириядан чоң пайда тапкандар, кээде кээ бир компаниялар же болбосо оюндарды иштеп чыккан программисттер каржылашы мүмкүн. Видео оюндардын **медиамейкерлери** болуп, аны уюштурган директорлор, оюндардын дизайнерлери, программисттер, үн берүүчү дизайнерлер, оюнга карата музыка жазган композиторлор болот. Видео оюндарда автор тарабынан сунушталган кандай гана окуялар болбосун алардын баары, мейли ал кайсы бир тарапты же кимдир бирөөнү жеңүүнү тапшырма берген оюн же мээни өстүрүүчү тапшырмалар, болбосо жооп табууну сунуштаган суроолор болсун булардын баарысы видео оюндардын **медиа маалыматы** болуп эсептелет. Видео оюндарды даярдоо үчүн бир күндөн баштап кээде, бир нече айга чейин убакыт кетет. Кирешенин көпчүлүк бөлүгү оюндарды максаттуу аудиторияга сатуудан, оюнга чейин же учурунда жарнамалоодон, ошондой эле оюн ичиндеги компоненттерди сатуудан түшөт.

Интернет (компьютер жана смартфондор)

Керектүү билимдерге жана техникалык мүмкүнчүлүктөргө ээ адамдар Интернет колдонуучулары боло алат жана өзүлөрүнүн интернет-ресурстарынын, анын ичинде социалдык тармактардагы аккаунттардын, мисалы, Инстаграмдагы коомдук колдонуучулары боло алышат. Компаниялар, штаттар жана жеке адамдар сыяктуу эле, башка адамдар колдонгон платформаларды, сайттарды, блогдорду түзүшөт (мисалы, YouTube, Facebook, Google, ведомстволук сайттар, онлайн гезиттери жана телеканалдардын веб-сайты). **Медиамейкерлер** – программисттер, веб-дизайнерлер, IT адистери, ошондой эле авторлор, журналисттер, жарандар жана медианын башка түрлөрүнүн медиа-жаратуучулары болуп саналат. **Медиа-билдирүү** дизайн, жазуу тили, аталышы, шрифттер, түстөр, стиль, видео, сүрөттөр, үн, интерактивдүүлүктүн параметрлери аркылуу берилет. Контент түзүүгө **убакыт** бир

нече секунддан бир нече айга чейин созулушу мүмкүн. Кире-ше онлайн жарнама, колдонуучунун маалыматтарын сатуу жана өнүмдөрдү сатуу аркылуу түзүлөт. Көбүнчө, веб-контент пайда табуу үчүн эмес, маалыматты же идеяларды жайылтуу, ошондой эле өзүн-өзү көрсөтүү жана социалдаштыруу максатында жасалат.

Интернет – социалдык медиа (компьютер / смартфондор)

Социалдык медиа – бул электрондук медианын бир түрү болуп эсептелет. Социалдык медианы компьютердин жана планшеттердин, смартфондордун жардамында колдонууга болот. Социалдык тармактарды **финансылык каржылоо** болсо кайсы бир компаниянын эсебинен жүргүзүлөт. Мисалы Facebook 2004-жылы 20 жаштагы Марк Цукербург жана анын өнөктөштөрү менен түзүлгөн. Бүгүн бул социалдык тармакты Facebook.inc башкарат. Социалдык тармактардын **медиамейкерлеринин** катарына программистерди, веб-дизайнерлерди, алардын ишин такай камсыздап турган IT-адистерин жана ошол эле социалдык тармакты колдонгон миллиондогон колдонуучуларды айтсак болот. Социалдык тармактагы **медиа маалыматтар** тексттер, сүрөттөр, видео, аудио маалыматтар жана шилтемелер аркылуу жарыяланат. Социалдык медиага маалыматтарды даярдоого бир нече секунд же минуталар, айрым учурда сааттар жумшалат. Социалдык желелер рекламалардын, кээде кайсы бир компаниялардын атайын аудиторияга багытталган маалыматтарын таркатуунун эсебинен кирешелерди табышат. Айрым учурда мамлекет да социалдык тармактардын мындай кызматтарынан пайдаланышат жана аларга каражат төлөп берет. Мында айрым белгилүү болгерлер жазган макаласы же кайсы бир компанияны рекламалаганы үчүн калем акы алышат.

1-бөлүм: Медиа жана медиасабаттуулук

Негизги

Окутуунун максаттары:

Билим

Медианын жеке таржымалы, медиага аныктама, медиага тийиштүү болгон инструменттер жана ыкмалар, Кыргызстандагы медиа, медианын адамдарга жана коомчулукка тийгизген таасири, медиа жана медиа сабаттуулук;

Көндүмдөр

Анализ (сереп), ой-жүгүртүү, дискуссия, онлайн изилдөө, жеке пикирин билдирүү, ар кандай көз караштарга анализ жүргүзүү, экиден жана топтоптор менен иш алып баруу, медиада активдүү иш алып баруу, интервью алуу, натыйжаларды презентациялоо.

Программалар

Жаштарды медиа сабаттуулукка окутуу үчүн албетте билимдер талап кылынат. Сиз тренер катары эң алгач аларга кантип, кайсыл жолдор менен билим берүү керектигин тандап алганыңыз оң. Мында эң оболу сиз окутуучу жаштардын медиа сабаттуулугу канчалык деңгээлде, аларды окутуу үчүн канча убакыт талап кылынат, алардын бул нерсеге кызыгуусу жана шыктануусу кандай деген темалардын тегерегинде терең ойлонгонуңуз оң.

Төмөнкү материалдарда сизге тренинг убагында жогоруда айтып өткөн жагдайларга жакындан жардам берчү көнүгүүлөр жана иш баракчаларын табасыз. Мында сиз өзүңүз каалаган жана сизге окутууга ыңгайлуу болгон көнүгүүнү тандап алсаңыз болот. Көнүгүүлөр киришүү, практикалык жана жыйынтыктоочу болуп бөлүнөт.

	Активдүүлүгү	**Узактыгы**
Киришүү	**Медиа биография** Катышуучулар менен алардын бала чагында медианын тийгизген таасири туурасында талкуу уюштуруу, изилдөө жүргүзүү	**1 саат**
Көнүгүү	**Медиа жана Кыргызстандагы медиага аныктама берүү** Интернеттен медиа туурасындагы аныктамаларды издөө жана Кыргызстандагы медианын абалы туурасында презентация жасоо	**2 саат**
Көнүгүү	**Бир окуя – ар түрдүү маалыматтар** Бир окуя , бирок ошону чагылдырууда жазылган ар түрдүү форматтагы маалыматтарды изилдеп көрүү. Мындай маалыматтар Кыргызстанда болсо кандай жазыла турганы туурасында ой-бөлүшүү. Ошол айтылган окуяга байланыштуу кыска пьеса жазуу жана аны коюу.	**2 саат**
Жыйынтыктоо	**Медиа, мен жана сен** Катышуучулардын медиа жана Кыргызстандагы медиалар туурасында жеке ой-пикирлерин уугу максатында алар менен баарлашуу. Медиа сабаттуулук жана анын аспектилеринин маанилүүлүгү жөнүндө пикирлешүү	**1 саат (+) (1 саат)**

Активаторлор: медиа

#	Баяндоо
Медиа Базалык билимдер	**«Сен жана категориялар»** Оюн тренингдин катышуучуларынын негизги билимдери жөнүндө маалымат алуу максатында тренингде колдонулушу мүмкүн. Бул иштин кызыктуу жана интерактивдүү формасы, бири-бирин жакшыраак тааныып-билүү. Модератор топту «Менин сүйүктүү медиам», «Мага жаккан сүйүктүү телевизиондук шоу», «Жагымдуу жанрдагы кинолор» сыяктуу категорияларга ылайык чакан топторду; жактырган жана жактырбаган медиа контентин (маалыматтык жана көңүл ачуучу) же медиа персоналды (шоу-бизнес жылдыздары, аткаруучулар, актёрлор) түзүүнү өтүнөт. Кайсы категорияны тандай тургандыгын же катышуучуларга топторду тандоого уруксат берерин модератор өзү чечет.
Медиа Базалык билимдер	**«Медиа жөнүндө ойлор – сизде ... болду беле?»** Бул – теренингдин катышуучуларынын медиа тажрыйбасын аныктоого багытталган оюн. Оюн команда мүчөлөрү көп болгон чоң топтор арасында өткөрүлсө аябай жакшы. Мында баарысы турушат же же айлана болуп олтурушат. Башында алып баруучу оюндун жүрүшү менен тааныштырат. Ал катышуучулардын кимдир бирөөсүнө тийиштүү болгон же болбогон кырдаалга байланыштуу ар кандай суроолорду берет. Эгерде алып баруучу катышуучуга тийиштүү нерсени айткан болсо, ал катышуучу ортого чыгып секирет да, андан мурда чыкканга кол берет («беш таштайт»). Алып баруучу «Кино көрүп жатканда сыймыктануу сезими пайда болду беле?», «Маанайды чөктүргөн кинону көрүп жатып ыйладың беле?», «Жаңылыктарда эмне туурасында айтып жаткандыгын түшүнбөгөн учурлар болду беле?», «Радиодон уккан нерсеге каткырып күлгөн күнүң болгонбу?» деген суроолорду берсе болот. Айта кетүүчү жагдай берилген суроолор ашыкча адамды уялтуучу же намысына тийүүчү болбоосу керек. Андай болсо катышуучуга ыңгайсыздык жаратат. Жооп берүүдөн баш тартат.
Топтор жана медиа Тажрыйба алмашуу	**«Медиа боюнча ачык суроолор»** Мында ар бир катышуучу бирден барак, ручка алышат. Барактын жогору жагына ар ким медиага байланыштуу көйгөйлөрдү же ойлорду жазышат. Анан ар ким ошол баракчаларды кичинекей самолётко окшотуп бүктөшөт. Алып баруучу: «Баарыбыз самолётторубузду учурабыз» деген буйрукту берет. Баары учурушат. Анан алып баруучу «Маалыматтарды билели» деп айтат. Катышуучулар кайсыл самолёт туш келсе (өзүнүкүн эмес) ошону алып, окушат. Ал жерде жазылган көйгөй жана ой-пикирге байланыштуу өзүнүн ой-пикирлерин жазышат. Андан кийин дагы самолёт кылып бүктөшүп, учурушат. Мындай нерсе бир нече жолу кайталанат. Аягында ар ким алган маалыматтары боюнча өзүнчө жыйынтык чыгарат.

Медиа адистер	**«Медиа машина»** Бул «Адам Машинасы» оюнунун адаптациясы. Бул оюнда тайпалар кайсы бир медианы тандап алат (гезит, кино, телевидение д.у.с.). Анда иштеген адамдар жана алардын аудиториясы туурасында ойлонушат (мисалы, журналисттер, алып баруучулар, режиссёрлор, репортёрлор ж.б.). Тайпа мүчөлөрү баарысы биригип ошол өздөрү тандаган «Медиа машинаны» түзүшөт. Алып баруучу тайпа мүчөлөрүнө алар тандаган медиага тийиштүү терминди же сөздү айтса, ошол милдетти аткарган катышуучу өзүнө байланыштуу кыймылды же добушту чыгарып алдыга кадам таштайт. Баштагы чыккандын колун кармап, чынжыр тибинде турушуп, жыйынтыгында «Медиа машинан» түзүшөт.
Медиа сезим	**«Шляпадагы сезим»** Бул оюн катышуучулардын жеке адамдык сезимдерине байланыштуу болот. Катышуучулар өздөрүнө медиа тарабынан таасир берген сезимдер (коркунуч, ишенбөөчүлүк, кыялдануу) сыяктууларды анонимдүү түрдө кагазга жазышат. Аларды алып баруучу шляпага салып топтоп алат. Анан катышуучуларга шляпадагы кагаздарды аралаштырып, кайрадан сунат. Алар өздөрү каалаган баракты алып окуйт. Анда жазылган сезимдер боюнча өзүнүн ой-пикирин, түшүнүгүн айтат. Барактагы жазылган кырдаалдарды чечүүнүн жолдорун сунушташат.

1-бөлүм: Медиа жана медиасабаттуулук

Киришүү: Медиа биография

Максаты:	Катышуучулардын медиа биография боюнча маалыматтарын билүү. Алардын жашоосуна медианын тийгизген таасирин текшерүү. Анализдөө жана жыйынтык чыгаруу.
Узактыгы:	1 саат
Даярдык:	Алып баруучу медиа биография боюнча өзүнүн тажрыйбасы жөнүндө ой жүгүртүүсүн катышуучуларга айтып берет. Иш баракчасын басып чыгарыңыз
Материалдар:	«Медиа биография» боюнча иш барагы. (Ар бир катышуучуга бирден таркатылат)
Ыкмалар:	Өз алдынча иштөө, экиден болуп иштөө, ачык дискуссияга.
Технологиялар:	-

«Медиа» жана «биография» боюнча текшерүү (баарына 15 мүнөт)

Алып баруучу саламдашкан соң аудиториядан «медиа» жана «биография» сөздөрү боюнча түшүнүктөрүн сурайт. Катышуучулар эки сөздүн маани жана маңызы, карым-катышы туурасында ойлонуулары керек. Бул терминдерге түшүндүрмө берилген соң, тренер «медиа биографияга» байланыштуу өзүнүн тажрыйбасын бөлүшүп, бул сөздөрдүн канчалык деңгээлде маанилүү экендигине токтолот.

Тапшырма: Менин медиа биографиям (20 мүнөт, өз алдынча иштөө, экиден болуп иштөө)

Катышуучулар менталдык түрдө балалык чагына саякатка барып, ошол мезгилде алар үчүн маанилүү болгон медиа контет туурасында ойлонуулары керек. Модератор тапшырмаларды жана иш барактарда эмне көрсөтүлөрүн түшүндүрөт:

Модератор катышуучулардан бала кездеги аларга таасир берген медиага байланыштуу эки жагымдуу жана жагымсыз окуялар туурасында жазууга тапшырма берет. Ал учурда жашта экенин эстеп көрүүнү айтат. Медиа биографияңызды өнөктөшүңүздүн айткандары менен салыштырыңыз. Сиз кандай жалпы мүнөздөмөлөрдү жана айырмачылыктарды байкадыңыз?

Презентация жана талкуу (25 мүнөт, ачык дискуссия)

Мында теренердин же катышуучулардын каалоосу менен медиа биографиядагы айтылган нерселер талкууланат. Талкуу төмөнкүдөй ачык суроолордун тегерегинде болсо таасирдүү болот:

• Медиага байланыштуу жаш кезиңизде сиз кездешкен окуя сиздин эмоцияңызга

кандай таасир берген? Эмне үчүн андай болду деп ойлойсуз? Сиз чоңойгондо эмне өзгөрдү? Азыркы учурда сиз кайсыл медианы жактырасыз?

• Эмне үчүн кээ бир медиа биографиялар бири-бирине окшош да, айрымдары бири-биринен айырмаланып турат? Алардын себептерин эмнеден көрөсүз?

• Медиа сиздин жашооңузга кандай таасир берип келген жана берип жатат? Эмне үчүн бул суроо тууралуу ойлонушубуз керек? Сиздин тыянактар кандай?

Иш барагы

Менин медиа биографиям

Бүткүл дүйнөдөгү адамдар медиа менен бирге өсүп баратат. Ар ким өз жаш өзгөчөлүгүнө жараша китеп, гезит, журнал окуу, радио, музыка угуу, телевизор көрүү, интернеттен, мобилдик телефондон пайдалануу, компьютердик оюндарды ойноо сыяктуу медиаларды колдонушат.

Тапшырма: Оюңузда балалык чагыңызга кайтыңыз. Сиз үчүн ошол мезгилде кайсыл медиа жана медиа контент маанилүү эле? Алардын эмнеси сиздин эсиңизде сакталып калды? Ошол кездеги медиага байланыштуу бир жагымдуу жана бир жагымсыз окуяны эстеңиз. Сиз ошондо канча жашта элеңиз?

оң жагы

жашы

терс жагы

1-бөлүм: Медиа жана медиасабаттуулук

Көнүгүү: Медиа жана Кыргызстандагы медиасабаттуулук

Максаты:	Медиага аныктама берүү. Кыргызстанда берилген аныктамага дал келүүчү мисалдарды жазуу.
Узактыгы:	2 саат
Даярдык:	Интернет менен туташууга жана даярдалган материалдарды баракчаларга чыгарууга техникалык мүмкүнчүлүктөр бардыгын текшерүү. Бир нече иш барагын басып чыгаруу
Материалдар:	Жазуу үчүн карточкалар (каталогдук), скотч, ручкалар, флип-чарт үчүн кагаздар, кайчы, желим, Кыргызстандагы медианы онлайнда изилдөө үчүн электрондук варианттагы иш баракчалары
Ыкмалар:	Эки-экиден болуп иштөө, тайпаларда иштөө, онлайн изилдөө, презентация
Технологиялар:	Компьютер, интернет, принтер, смартфондор

Медиага аныктама (20 мүнөт, баары бирге, эки-экиден иштөө)

Тренингдин катышуучулары медианын түрлөрүн айтышат (радио, телевидение, интернет, журналдар, гезиттер ж.б.) жана аларга мүнөздөмө (басылма, электрондук, массалык, социалдык медиа ж.б.) беришет. Модератор айтылгандардын баарысын карточкаларга жазып, аларды дубалга же доскага жабыштырат. Катышуучулар эки-экиден болуп, медиа туурасында өздөрүнүн аныктамаларын карточкаларга жазышат. Бул аралыкта алып баруучуда стандарттык аныктаманы башка карточкага жазат. Бардык карточкалар аралаштырылат. Катышуучулардын бирөөсү чыгып карточкаларды үнүн чыгарып окуй баштайт. Тренингдегилер өздөрүнүн оюнда кайсыл аныктама туура деп ойлосо ошого «добуш» берет.

Медиа – бул маалыматтарды топтоочу, сактоочу, жарыялоочу канал болуп эсептелет. Ошондой эле маалыматтарды топтоого жана аны адамдарга жеткирүүдө пайдаланылуучу курал болуп саналат.

Медиа – бул кыска мөөнөттө көптөгөн адамдарга жетчү коммуникация каражаты. (Телевидение, гезит, журналдар ж.б.)

Медиа – бул маалыматтарды сактоодо жана таркатууда колдонулуучу курал болуп эсептелет. (Wikipedia).

Төмөндө биз «медиага» байланыштуу бир нече аныктамаларды келтирдик:

Тапшырма: онлайн изилдөө жана постер түзүү (70 мүнөт, топтук иш)

Катышуучулар бир нече кичи топко бөлүнүшөт. Ар бир топ өздөрү каалаган медианын түрүн тандап алат да, ага байланыштуу постер түзүшөт. Тренер иш баракчаны жана тапшырманы түшүндүрүп берет:

- Тандалган медианын тизмесин карап чыгып, алар жөнүндө маалыматты интернеттен издеңиз. Иш баракчаны изилдөө иштериңердин планы катары кабыл алгыла. Ага бардык натыйжаларды жазгыла.
- Тандап алган медианардын бирөөсү боюнча кыскача обзор жүргүзүп, постер түзгүлө. Башка топтор үчүн кыскача презентацию даярдагыла.
- Тандоо боюнча: Кыргызстандагы медиа боюнча мисалдарыңыздын скриншотторун басып чыгарыңыз (мүмкүн болсо)

Презентация (30 мүнөт, баары бирге)

Бардык постерлер дубалга илинип, модератор топтун мүчөлөрүнөн аларды тааныштырып баштоону суранат. Ар бир презентациядан кийин, башка топтогулар суроолорду, комментарийлерди, кошумча ой-пикирлерди айтуулары керек. *Мында эске алуучу жагдай – катышуучуларга ар бир презентация тууралуу ой-пикир, комментарий айтканда эң оболу жакшы жактарын айтуу менен баштоо керек.*

Иш барагы

Онлайн изилдөө: Медиа

Баяндалган медианын түрү: _____

Сиз тандаган медианын инструменттери кайсылар жана спецификалык мүнөздөмөсү (текст, сүрөт, үн, аудитория менен карым-катыш д.у с.) кандай?

Сиз тандаган медианын мазмуну кандай жана анда медиа маалымат кантип чагылдырылат?

Сиз тандаган медиа группанын максатын айтыңыз жана анын коомдогу милдетине токтолуңуз?

Медианын бул түрүнүн иштерин ким жүргүзөт? Ким көзөмөлгө алат? Ал кайсыл булактан каржыланат?

Кыргызстандын медиа рыногу үчүн конкреттүү мисалдарды таап, суроолорго жооп берүүгө аракет кылыңыз:

Медианы ким иштеп чыгарат?

Медианын максаттуу тобу?

Аны канча адам пайдаланат?

Медиа качан ишин баштаган?

Кандай каржыланат?

Адаттагыдай медиа кабарламалар?

Сизге жагабы, же жокпу? Эмне үчүн?

1-бөлүм: Медиа жана медиасабаттуулук

Көнүгүү: Бир иш-чара – ар кандай окуя

Максаты:	Ар башка медиада окуялардын ар кандайча чагылдырылышын изилдөө. Ар кандай медиа окуяларды кандайча айтып берээрин көрсөткөн сценка уюштуруу.
Узактыгы:	2 саат
Даярдык:	Кыргызстандагы ар кандай маалымат каражаттары чагылдырган учурдагы окуяны аныктоо, альтернативдүү варианттарын таба турган интернет-ресурстарга сереп даярдоо, иш барактардын көчүрмөлөрүн басып чыгаруу
Материалдар:	«Бир иш-чара – ар кандай окуя» иш барагы
Ыкмалар:	Топтук иш, онлайн анализ, сценка уюштуруу, презентация
Технологиялар:	Компьютер, интернет, мобилдик телефон, камера

Болгон окуяга анализ жасоо (60 мүнөт, баары бирге, эки-экиден иштөө)

Башында катышуучулар топторго бөлүнүшөт. Ар бир топ учурдагы окуяны жана кыргыз медиасы бул окуяны кандайча чагылдыргандыгын талдайт. Тренер топтун өз алдынча теманы тандап алышын же өзү сунуштаган теманы өзү тандай алат. Катышуучулар тренердин жардамы менен (зарыл болсо) Интернеттен ар кандай телеканалдардын, ар кандай радиостанциялардын, гезиттердеги, онлайн жаңылыктар порталдарындагы, альтернативдүү маалымат булактарында, социалдык тармактарда, Google издөө тутумундагы, YouTube платформасындагы жаңылыктар бөлүмү аркылуу Интернеттен маалымат издешет. Facebook, Twitter, Instagram, WhatsApp ж.б. Катышуучулар бирдей тандалган окуяны чагылдыруунун эки версиясын тандашат, алар өз презентациясында салыштырып көрүшөт.

Тапшырма: Сахналаштырылган көрүнүш даярдоо

(30 мүнөт, топтук иш):

Мында катышуучулар өздөрүнө жаккан окуяга / темага добуш беришет. Болбосо башканы сунушташат. Эми бардык топтор бир теманын тегерегинде иштей башташат. Ар бир топ медианын же программанын бир түрүн тандап, өз продукциясын даярдайт. Тренер тапшырманы түшүндүрөт:

Выберите вид медиа и подготовьте постановку: как медиа освещает это событие?

Сунуштар: Топтордон төмөнкү пункттарды карап чыгууну сураңыз:

- Топ кайсыл тилди колдонот?

- Кандай темалар жана илюсстрациялар колдонушу мүмкүн?
- Маалыматтын кандай структурасы болуусу мүмкүн?
- Алып баруучу кандай жаңсоолорду колдонот жана кандай үн менен сүйлөйт?
- Сценканын катышуучулары кандай кийим кийишет? Интерьер кандай болот? Фондук үн катары кайсы музыка колдонулат?

Эгер шарт болсо: телефонго кыска пьеса да жазса болот?

Презентация / Мобилдик телефонго жазуу (30 мүнөт, баары бирге)

Ар бир топ тандап алган окуя боюнча өзүнүн репортажын же программасын сунуштайт. Мүмкүнчүлүк болсо кийин салыштыруу үчүн мобилдик телефонго тарттырып алганы жакшы. Катышуучулар презентацияны канчалык деңгээлде жакшы жана ынанымдуу тилде жасалгандыгы боюнча талкуу уюштурушат.

Иш барагы

Бир иш-чара – ар кандай окуя

Окуянын сыпаттамасы: _____

Медиа (медианын түрү):		
Дата:		
Мазмуну:		
Тили:		
Иллюстрациялар:		
Добуш:		
Биздин эмоционалдык реакциябыз:		
Биз буга ишенебиз?		
Медиамейкерлер биздин ишенүүбүздү калайт...		
Кандай маалымат жетиш-сиз болуп жатат?		

Жыйынтыктар: Медиа, мен жана сен

Максаты:	Медиа тууралуу жеке пикирин билдирүү; башка пикирлер менен таанышуу; суроолорду жана интервьюларды жазууну үйрөнүү; медиа жана медиа сабаттуулугу жөнүндө сүйлөшүү
Узактыгы:	1 саат. Тандоо боюнча: үй тапшырма + 1 саат
Даярдык:	Иш барактарынын көчүрмөлөрүн жасаңыз
Материалдар:	«Медиа, мен жана сен» иш барагы
Ыкмалар:	Өз алдынча иштөө, интервью, дискуссия
Технологиялар:	Мобилдик телефон

Ойлонуу (10 мүнөт, баары бирге)

Башында модератор бүткөн тапшырмаларды жалпылайт. Медиа жана маалымат сабаттуулугунун кыскача баяндамасын берет, студенттерден ММСнин маанилүүлүгү жөнүндө сурайт.

Тапшырма: маектешүүгө даярдануу жана аны өткөрүү (30 мүнөт, өз алдынча иштөө, эки-экиден иштөө)

Катышуучуларга маектешүүнүн негиздерин түшүндүрүп бериңиз, кыска маектешүүгө суроолорду даярдаңыз (5-10 мүн.) медиа жөнүндө, медианын таасири, медианынын жана маалыматтык сабаттуулуктун мааниси. Катышуучулар бири-биринен интервью алышат. Бул жерде алар үн жаздырууну (б.а. радио маек курууну) же видео тартууну (YouTube / телевизиондук маек) мобилдик телефондордун жардамы менен аткарса болот. Ар бир адам, жок дегенде бир жолу, маектешүүчү жана интервьюер катары өзүн сынап көрүшү керек.

Сунуштама: *Ар бир катышуучу менен маектешип, өз ой-пикирин айта алгандыгын текшериңиз.*

Презентация жана дискуссия (20 мүнөт, баары бирге)

Бир нече катышуучулардан интервьюларын көрсөтүүнү сураныңыз. Бул интервьюдагы идеяларды жана жүйөлөрдү бүт топ менен талкуулаңыз.

Тандоо боюнча:
Тапшырма: Үй тапшырмасы катары интервью өткөрүп машыгыңыз (өз алдынча же эки-экиден иштөө)

Катышуучулар суроолорун карап чыгышат, керек болсо алмаштырышат, андан кийин ар кандай көз караштарды билүү үчүн бир нече маектешүүлөрдү өткөрүшөт.

Презентация жана талкуу (20 мүнөт, баары бирге)

Кийинки сессияда катышуучулар маектешүүлөрүнүн жаздырып алган вариантын алып келишет, жооптордун ар кандай варианттарын салыштырып, медиа жана маалымат сабаттуулугун талкуулашат.

Иш барагы

Медиа, мен жана сен

Медианын бардык түрлөрү адамдарга жана коомго таасир этет. Кээде бул таасир айдан ачык, кээде жашыруун болот. Кээде адамдар өзүлөрүнүн таасири астында экенин түшүнүшөт, кээде жок. Заманбап дүйнөдө медиа менен иштеше алышы өтө маанилүү. Бул көндүмдөр *медиа жана маалыматтык сабаттуулук* деп аталат. Сабаттуулук – окуу жана жазуу жөндөмү, медиа жана маалымат сабаттуулугу – ар кандай медиа жана медиа билдирүүлөрүн кабыл алуу, талдоо, баалоо жана түзүү жөндөмү. Бирок адамдар медиа жөнүндө, медианын таасири жана маалыматтык сабаттуулуктун мааниси жөнүндө ойлонушабы?

Сиз журналист экениңизди элестетиңиз жана радиостанция же YouTube каналы үчүн медиа жана маалымат сабаттуулугу боюнча маек куруңуз. Маектешүү үчүн төрт-беш суроо даярдаңыз.

Аудио же видео маектешүүлөрүн жаздырууну чечиңиз. Өнөктөшүңүз менен маектешүүнү практикалаңыз, андан кийин аны уюлдук телефонуңузга жазыңыз.

Тандоо боюнча: үй тапшырмасы катары маек алуу: үй-бүлөдөн, достордон, класс-таштардан, кошуналардан.

Менин суроолорум:

2-бөлүм
Маалымат жана темалар

2-бөлүм: Маалымат жана темалар

«Маалыматтар» тууралуу маалымат

«Маалымат» деген эмне?

Маалымат – бул баарынан маалымат берет. Бул билим, далил же, мисалы, көрсөтмө болушу мүмкүн. Журналисттер өз аудиториясына окуянын объективдүү көз карашын көрсөтүү үчүн маалымат менен иштешет, аны талдап жана текшеришет.

Маалыматтын булагы деген эмне?

Маалымат булагы бизге билим же маалымат берет. Документтер, кимдир бирөөнүн сүйлөгөн сөздөрү, видеолор, веб-сайттар, сүрөттөр, адамдар, ошондой эле гезит же радио-шоу сыяктуу маалымат булактары – булардын баары маалымат каражаттарынын мисалы.

Жеке булактар сейрек учурда гана бейтараптуу болушат. Маалыматты кайдан алгандыгын, эмне үчүн аны бөлүшкөндүгүн, бул булакка канчалык деңгээлде ишенүүгө боло тургандыгын түшүнүү маанилүү. Ошондуктан, көптөгөн журналисттер өздөрү кабыл алган маалыматтын тактыгын текшерүү үчүн «бир нече булак» принциби боюнча иштешет: эгерде бири-бирине көз каранды болбогон, бири-бирине байланышы болбогон булактардан алынган маалыматтар дал келсе, анда бул туура болот.

Медиа контент канчалык бейтарап болушу мүмкүн экендигин түшүнүү үчүн медианын ээси жөнүндө көбүрөөк билүү пайдалуу болот, ал мамлекеттин же жеке адамга / жеке компанияга таандык болобу, же сиз бул медианы көз карандысыз деп эсептешиңиз мүмкүн. Жеке медиалардын ээлери өзүлөрүнүн маалымат каражаттары аркылуу жайылтууну жана жарнамалоону каалаган саясий кызыкчылыктары болушу мүмкүн. Көзкарандысыз маалымат каражаттарынын да күн тартиби болушу мүмкүн, мисалы, расмий бийликтин позициясынан четтеген саясий пикир.

Ошондой эле булактын эмне үчүн маалымат бөлүшүүгө даяр экендигин аныктоо пайдалуу болот. Бул маалыматты жайылтууга анын каржылык кызыкчылыгы барбы же аудиторияны кабардар кылуу үчүн гана аракет кылып жатабы?

«Жаңылыктар» деген эмне? «Жаңылык» менен «маалыматтын» айырмасы.

Жаңылыктар жаңы, бирок маанилүү, актуалдуу же кызыктуу. Жаңылык деп эсептелген нерсе көптөгөн факторлорго, мисалы, окуя болгон жерге, максаттуу аудиторияга, башкы редактордун же кабарчынын чечимине жараша болот. Дүкөндүн чакан айылда тонолуп кеткендиги жергиликтүү аудиторияны кызыктырат, демек, жергиликтүү медиалар буга көңүл бурушат, анткени ал жергиликтүү коом үчүн актуалдуу, бирок улуттук медиалар үчүн, же чет элдик басылмалардын кабарчысына ылайыктуу маалыматтык окуя деп айтууга болбойт.

Жаңылык кандай суроолорго жооп бериши керек?

Жаңылык окурманга **эмне** болгонун, **качан** жана **кайда** болгону, ошондой эле **кимдер** катышкандыгы жөнүндө маалымдайт. Жакшы жаңылык макаласында бир нерсенин **кантип** жана **эмне үчүн** болгону да айтылат. Окурмандар бул суроолорго жоопторду макалада, аудио баянда же видео материалда издегенде, макалада жазылгандар ар дайым объективдүү жана бейтарап болбой тургандыгын түшүнүшү керек. Мисалы, ар кандай кабарчылардын саясий көз карашына, тарбиясына, коомдук чөйрөсүнө жана башкаларга байланыштуу, ар кандай пикирлер болушу мүмкүн. Алар интервью берген адамга же фактыларды канчалык кылдаттык менен текшерип алгандыгына жараша, негизги суроолорго таптакыр башкача жооп таба алышат. Жакшы журналист макаланы мүмкүн болушунча нейтралдуу жол менен жеткирүүгө аракет кылат жана макаланын ар башка жактарын сунуштайт. Бирок, эч ким абсолюттук түрдө нейтралдуу боло албайт, анткени ар кандай маалыматтар ар башка адамдар үчүн ар кандай деңгээлде актуалдуу. Медиа билдирүүлөр медиамейкерлердин баалуулуктарын жана көз караштарын чагылдырат.

Журналисттик этика деген эмне?

Журналисттер өз ишинин тактыгына жооп берет. Алар маселени иликтеп, окуяны текшерүү үчүн ар башка булактарга кайрылышы керек. Жаңылыктарды даярдоодо журналисттер объективдүү болуш керек жана фактыларды мүмкүн болушунча бейтарап тон менен жеткириши керек. Алардын булакка шилтеме берүү же күбөлөрдү көрсөтүү менен окурмандарга маалыматты кайдан алгандыгын билдирүү өтө маанилүү. Бул журналисттин ишин дагы даана жана ишенимдүү кылат. Бул аудиторияга өз ой-пикирлерин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Журналисттер маалыматты так жеткирүүгө аракет кылышы керек жана аудитория журналисттин эмне жөнүндө сүйлөп жаткандыгын түшүнүшү керек.

Мен үчүн кабардар болуу эмне үчүн маанилүү?

Эмне болуп жаткандыгы жөнүндө кабардар болуу коомду түшүнүү үчүн маанилүү. Ошондой эле бул дүйнөнүн башка бөлүктөрүндө эмне болуп жаткандыгын түшүнүүгө жана анын жеке мага кандайча таасир этерин талдоого жардам берет. Мисалы, 2014-жылы коңшу Казакстанда улуттук валюта – теңгенин кескин девальвациясы байкалды. Бир айга жетпестен Улуттук банктын башчысы Кайрат Келимбетов журналисттер үчүн өткөргөн брифингинде «Казакстанда теңгенин девальвациясына эч кандай негиз жок» деп айткан. Ошол эле учурда, региондук экономиканын тенденциясы тескерисинче болду. Теңгенин кескин девальвациясынан улам, көпчүлүк казакстандыктар бир түндө 20% нарксызданышынан улам аманаттарынан айрылышты. Дүйнөдөгү жана чөлкөмдөгү тенденциялардан кабардар болуу жана Казакстандын экономикасында болуп жаткан окуяларды түшүнүү коңшу өлкөнүн тургундарына жеке каржылык туруктуулугун жана коопсуздугун камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Канткенде өзүңүздүн маалымдуулугуңузду арттыра аласыз?

Маалымат алуунун көптөгөн жолдору бар. Мисалы, гезиттерди жана маалымат сайттарын окуу, радио угуу же телекөрсөтүүлөрдү көрүү ар дайым жаңыланып

туруунун жакшы жолу Ар кандай маалымат каражаттары окуяларды башкача чагылдырышат же башка медиа айтпай турган жаңылыктар жөнүндө айта алышат. Ошондой эле, адамдар менен маектешүү же Facebook сыяктуу социалдык тармактардагы постторду окуп, маалымат алсаңыз болот. Бул башка адамдардын учурдагы окуялар жана жаңылыктар жөнүндө кандай ойдо экендигин түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Маалымат алууда, ар дайым бул маалыматтын булагына көңүл буруңуз: бул факт, бирөөнүн жеке пикири же экөө теңби?

Жаңылыктарды кантип анализ кылсам болот?

Медиа керектөөчүсү катары, ар кандай контентти, мисалы, автордун колонкасы менен жаңылык макаласынын айырмасын түшүнүү сиз үчүн маанилүү. Колонка журналисттин пикири боюнча жазылган, бирок анда жаңылыктар жана фактылар камтылышы мүмкүн. Жаңылыктар маалыматында журналисттин же редактордун пикири камтылбашы керек. Жаңылыктарды талдап жатканда, бул текстти ким жазган, эмне үчүн ал маалыматты бөлүшкөн жана башка адамдар бул жөнүндө кандай ойдо экенине көңүл буруңуз. Бул жаңылыкка кызыккан бардык тараптар камтылабы? Окуянын ар тараптарын жана аргументтерин уккандан кийин аудитория өз пикирин анын негизинде түзө алабы? Же журналист фактыларды чечүүнүн бир гана жолун сунуштайбы?

Кээде окуянын маалыматтык камтылбай калганы да бул манипуляциянын көрсөткүчү. Кайсы окуялар чагылдырылган эмес, кимдин үнү угулган эмес? Редактордук манипуляциянын же жеке ишенимдин дагы бир белгиси – гезит бетинде же онлайн баракчасында белгилүү бир теманы чагылдыруу үчүн медиага канча убакыт жана мейкиндик бөлүнүшү мүмкүн. Бул теманы чагылдыруу үчүн бөлүнгөн убакыттын көлөмү жана аянты анын актуалдуулугуна дал келээрине көңүл буруңуз? Же маалымат каражаттары бул теманын маанисин апыртып жиберишип, көңүлдү башкага бурушабы?

2-бөлүм: Маалымат жана темалар

«Темалар» тууралуу маалымат

Тема деген эмне?

Кандайдыр бир предмет же кандайдыр бир окуя журналисттик материалдын темасына айланышы мүмкүн. Кээ бир журналисттер аларды кызыктырган белгилүү чөйрөлөрдө адистешет, мисалы, маданият же айлана-чөйрө, экономика же саясат. Алар өз тармагында кызыктуу темаларды издешет. Тема эмне үчүн белгилүү бир маалымат каражаты үчүн ушул мезгил аралыгында чагылдырылбай тургандыгын аныктоо алардын милдети. Жаңы темалар жакшы окуялар болушу мүмкүн, анткени алар жаңы же жаңы маалыматтарды же идеяларды камтыйт. Бирок социалдык же экономикалык сыяктуу көптөгөн темалар массалык маалымат каражаттарында дайыма чагылдырылып турат, анткени алар аудиторияны кызыктырат, мисалы, аба-ырайы, кылмыштуулук ж.б.

Жаңылыктарда кандай темаларды таба алам?

Көпчүлүк негизги медиа басылмалар (кайсы бир темага же атайын максаттуу аудиторияга адистешпеген) көбүнчө саясат, бизнес, маданият, спорт ж.б. сыяктуу темалар камтыйт. Жаңылыктар ушул тармактардын кайсынысы болбосун келип чыгышы мүмкүн, бирок айрым сфераларда жаңылыктар башкаларга караганда көбүрөөк кездешет. Медиамейкерлер кайсы тема жаңылыкка ылайыктуу экендигин, анын маанисин талдап, өзүлөрү чечишет.

Жаңылыктын мааниси эмнеде?

Жаңылыктар **жаңы, маанилүү** жана **кызыктуу** болушу керек. Жаңылыктардын баалуулугу – бул медиамейкерлер колдонуучу окуя жаңылыкка татыктуубу же бул окуя канчалык маанилүү экендигин аныктоо сыяктуу критерийлердин жыйындысы. Алар медиамейкерлерге теманы чагылдыруу жагынан жардам бере алышат – тема боюнча баш макала даярдоого (басылманын биринчи же титулдук баракчасында жарыяланган маселенин негизги материалы) же чакан колонка даярдаса болот. Ар кандай медиаларда бирдей эрежелер бар, бирок алар ошондой эле максаттуу аудиториянын муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына жараша аныкталган жаңылыктардын өздүк маанилерине ээ болушу мүмкүн

Жаңылыктар үчүн бир нече жалпы баалуулуктар бар:
Өз убагында берилиши. Жаңылыктардын мөөнөтү кыска. Бирок окуя «жаңы» болушу белгилүү бир медианын материалдарын канчалык тез-тез берүүсүнө же жарыялай тургандыгына жараша болот. Маалымат дайыма жаңыртылып турат (мисалы, Интернет сайттарындагы) же күн сайын (мисалы, күнүмдүк гезитте).

Багыты. Максаттуу аудиториянын темаларына жакын окуялар ал үчүн эң маанилүү бойдон кала берет. Коңшу шаарда чыккан өрт же кырсык дүйнөнүн башка бөлүгүндөгү саясий кризиске караганда аудитория үчүн көбүрөөк маниге ээ болот.

Таасир. Жаңылыктар канчалык көп адамдарга таасир эткен сайын, окуя ошончолук маанилүү болот. Ошондуктан согуш жана табият апааттары, мисалы суу ташкыны, кургакчылык же жер титирөө сыяктуу кырсыктар адатта чоң жаңылык болуп саналат.

Кесепеттери. Көпчүлүк адамдарга таасирин тийгизген же башка маанилүү окуялардын себепчиси болгон чыныгы окуялар.

Чыр-чатак. Чыр-чатактар жана пикир келишпестиктер көпчүлүктүн адаттагыдай жашоосуна тоскоол болушу мүмкүн, ошондой эле чыр-чатактар олуттуу кесепеттерге алып келиши жана адамдардын жашоосуна таасир этиши мүмкүн.

Атак-даңк. Белгилүү аталыштар тартылган окуялар, ошондой эле компаниялардын жана бренддердин аталыштары жаңылык болушу мүмкүн.

Жаңычылдык. Таң калыштуу же адаттан тыш окуялар кызыктуу болушу мүмкүн, анткени алар адаттан тыш. «Ит адамды тиштеп алды» – жакшы окуя болбошу мүмкүн, бирок «адам итти тиштеп алды» деген окуя өзгөчө болушу мүмкү.

Адамдык кызыкчылык – адамдар көбүнчө башка адамдар жана алардын окуялары менен таанышышат, аларды жеке тажрыйбалары менен салыштырып көрүшөт. Башка жаңылык баалуулуктары жок болсо, ал окуяны жакшы жаңылыкка айлантууга жардам берет.

Күн тартибин түзүү деген эмне?

Медиа кайсы окуяны айтып берерин жана ал кантип аткарыларын чечкенден кийин, медиа өзүнүн аудиториясынын бул иш-чарага кандай маани берерине да таасир этиши мүмкүн. Эгерде аудитория белгилүү бир медианын көбүнчө белгилүү бир окуяны чагылдырышын жана өз медиаларында ага көп орунду берип жаткандыгын байкаса, анда алар бул тема өтө маанилүү деп ойлошу мүмкүн. Күн тартибинин түзүлүшү медианын, анын ичинде коомдук пикирге таасир этүүчү ыкмаларды билдирет. Медиа болуп жаткан окуялар жөнүндө коомчулукка маалымдоого аракет кылып жатканда, алар өзүлөрү өндүрүп жаткан нерселерди чагылдырбай эле койбостон, маалыматты тандап, эмне айтуу керектигин чечишет.

Жеке кызыкчылык деген эмне?

Тарыхка болгон жеке кызыкчылык окурманга болуп жаткан окуя жөнүндө, адамдар жөнүндө көбүрөөк билүүгө, аларга боор ооруй билүүгө же тескерисинче, сындоого мүмкүнчүлүк берет. «Адамдын жүзү жөнүндө окуя» адамдар, алардын тажрыйбасы жана эмоцияларына арналат.

Көбүнчө жаңылыктарда кайсы темаларды өткөрүп жиберем?

Медиамейкерлер аудиториянын көңүлүнө ылайык, кайсы теманы чагылдырууну жана аны кантип жасоону тандашат. Ошентсе да, айрым темалар башкалардай эле кеңири эмес жана бат-бат камтылбайт. Кээде буга редактор макаланын потенциалын көрбөгөн учурда ийгиликсиз чечим чыгарат. Мисалы, редакциялык топ не-

гизинен эркектерден турганда, алар аудиториянын кыз-келиндерин кызыктыра турган теманы өткөрүп жибериши мүмкүн. Кээде темалар башка себептерге байланыштуу аталыштарды түзбөйт. Мисалы, журналисттер коопсуздукка байланыштуу курч саясий темаларды жазуудан коркушу мүмкүн, же кысымга алынышы мүмкүн, же кайсы бир теманы чагылдырбоо үчүн пара алышы мүмкүн.

«Менин темаларым» деген эмне?

Журналисттер сыяктуу эле, медианы керектөөчүлөрдүн башкаларга караганда аларды кызыктырган өзгөчө темалары болушу мүмкүн. Көбүнчө кайсы маалыматты издеп же окуганыңыз жөнүндө ойлонуп көрүңүз, биринчи кезекте кайсы бөлүмдөрдү ачасыз: спорт, маданият, саясат, каржы? Көптөгөн медиа басылмалар, мисалы, журналдар белгилүү бир темага багытталган. Ал эми медиамейкерлер аудиторияга ылайыктуу болгон нерсени чечүүдө башка факторлорго көңүл бурушат. Мисалы, алардын окурмандары, угармандары жана көрүүчүлөрү кайсыл жерде жашайт жана алардын жашы канчада. Адатта, медиамейкерлер мүмкүн болушунча көбүрөөк аудиторияны кызыктырган темаларды табууга аракет кылышат. Бул салттуу маалымат каражаттары аудиториянын кичинекей бөлүгү үчүн кызыктуу болгон кээ бир темаларды четке кагышы мүмкүн.

Темаларымды медиадан кантип тапсам болот?

Медиамейкерлер кызыктуу окуяларды дайыма издеп жүрүшөт. Эгерде сизди медиада сунуштала элек бир тема кызыктырса, анда ал жаңылыктарда келтирилген негизги маанилердин бар-жогун карап көрүңүз. Эгер андай болбосо, эмне үчүн? Кантип теманы актуалдуу жана кызыктуу кылсам болот? Эгер бул темада жакшы жаңылыктарды камтыган белгилер бар болсо, анда сиз аны редакторлорго сунуштоого аракет кылсаңыз болот. Башкалар үчүн анын маанисин тез арада көрсөтүш үчүн теманы сунуштоого аракет кылыңыз. Мүмкүн сиз жаңылыктарды жергиликтүү басылмаларга жайгаштырсаңыз болот – эгер жергиликтүү гезиттерде кеңири жооп берилсе, анда ал чоңураак басылмаларга жарыяланып кетиши мүмкүн. Сиз социалдык тармактарда дагы ушундай аракет жасасаңыз болот: эгер Facebook, Twitter, Instagram же YouTube сайттарындагы постторуңузга көп колдонуучулар жооп кайтарса, анда салттуу маалымат каражаттары сиздин окуяңызга көңүл бурушу мүмкүн.

Жаңылыктарды жазуу жөнүндө эмнени билүү керек?

Жаңылыктардагы эң маанилүү маалымат эң башында берилиши керек. Кошумча маалыматтарды **ким, эмне, кайда, качан, эмне үчүн** жана **кандайча** деген суроолорго жооп бергенден кийин, бир аз убакыт өткөрүп жарыялоо керек. Жаңылыктар так жана фактыларды камтышы керек. Жаңылыкта иш-чарага катышкан адамдардын цитаталарын камтылышы мүмкүн.

Маектешүү учурунда эмнени билүү керек?

Сүйлөшүп жаткан адам жөнүндө мүмкүн болушунча көбүрөөк билип алыңыз. Бул маектешүүгө көңүл топтоого жана туура суроолорду берип жатканыңызга ынанууга жардам берет. Сиздин маектешиңиз сизден эмнени билгиси келгениңизди

түшүнүшү үчүн жөнөкөй, түшүнүктүү суроолорду бериңиз. Ошондой эле ал өзүн ыңгайлуу сезип, олуттуу мамиле кылышы керек. Ал ошондой эле алдын-ала эң ачык суроолордун тизмесин түзүүгө жардам берет. Маектешүү учурунда ар дайым жоопторду кунт коюп угуп, суроолорду бериңиз, керек учурда маектештин сөзүн колдонуу менен суроо узатыңыз. Эгерде суроолоруңузга канааттандырарлык жооп ала элек болсоңуз же дагы бир нерсени кененирээк айтып берүүсүн кааласаңыз тартынбай сураңыз. Бул тактоочу суроолор деп аталат. Эгер сиз жоопту түшүнбөсөңүз же аны бүдөмүк тапсаңыз, ар дайым тактоого аракет кылыңыз. «Ооба» же «жок» деп жооп берүүгө мүмкүн болбогон ачык суроолорду бериңиз. Суроолоруңузду «эмне үчүн», «кантип» деген сыяктуу өзгөчө сөздөр менен баштаңыз.

Аңтарылган пирамида – жаңылыктарды жазуунун эң популярдуу модели.

2-бөлүм: Маалымат жана темалар

Негизги

Окутуунун максаттары

Билим

Бардык медиа кабарлар (билдирүүлөр) чыгармачыл тилде жана өзүлөрүнүн эрежелерине ылайык иштелип чыккан; бир эле медиа-билдирүүнү ар башка адамдар ар башкача чечмелей алышат; жеке чечмелөө баалуулуктар, жашоо мүнөзү жана көз караштар менен байланыштуу болушу мүмкүн; маалымат каражаттарын жалгаштыруу, күн тартиби жана көз караш; көптөгөн медиа билдирүүлөр пайда табуу же бийликке ээ болуу максатында түзүлүшү мүмкүн.

Көндүмдөр

Жаңылыктар редакторунун ролунда тажрыйба топтоо, факторлорду, жаңылыктарды аныктоону үйрөнүү, жаңылыктар медиасынын мүнөзүн изилдөө жана жаңылык үчүн теманы тандоого таасирин тийгизген субъективдүү факторлорду түшүнүүгө үйрөнүү, талдоо, ой жүгүртүү жана талкуулоо, ар кандай көз караштарды айтуу, жуптук жана топтук иш, медиа менен активдүү иштөө, интервью, презентация.

Программа

Жаштарды медиа жана маалымат сабаттуулугу боюнча билим берүү, ошондой эле керектүү көндүмдөргө үйрөтүү. Сиз, тренер катары, ар кандай темаларды, конкреттүү мамилелерди жана ыкмаларды тандай аласыз. Тандап алаардан мурун, кандай максаттарга жетүүнү көздөп, окутууга канча убакыт бар экендигин, тренингдин катышуучулары кандай билимге ээ болгонун жана алардын мотивациясы кандай экендиги жөнүндө ойлонуңуз.

Бул материалдар топтомунан тренинг учурунда жардам бере турган бир нече көнүгүүлөрдү жана иш баракчаларын таба аласыз. Сиз эң ылайыктуу деп эсептеген көнүгүүлөрдү тандап, аларды окуу муктаждыктарыңызга ылайыкташтыра аласыз. Көнүгүүлөр киришүү, практикалык жана жыйынтыктоочу болуп бөлүнөт.

	Иш-аракет	**Узактыгы**
Киришүү	**Бузук телефон** (ылдамдыкта) Маалымат берүү жана маалыматтын кандайча өзгөрөрүн көрүү үчүн көңүл ачуучу оюн	**1 саат**
Көнүгүү	**Заманбап жана маалыматтуу** Жеке маалымат каналдарын талдоо жана ар кандай маалымат булактарынын сапатын жана объективдүүлүгүн текшерүү; альтернативдүү маалымат булактары боюнча онлайн изилдөө	**3 саат**
Көнүгүү	**Дубал гезити үчүн аталыштар** ММКга тиешелүү темаларды изилдөө, ошондой эле текст жана субтекст жөнүндө ой жүгүртүү. Кандай темалар камтылбайт? Мен үчүн кайсы темалар маанилүү болмок? Аталыштары менен дубал гезитин түзүңүз	**2 саат**
Көнүгүү	**Редакциялык иш жыйын + жаңылыктар** Медиадагы ар кандай категориядагы жаңылыктарды изилдөө жана талдоо, жаңылыктарды иликтөө жана уюштуруу, чечимдерди кабыл алуу жана редакциялык жолугушууларды өткөрүү, журналисттик чеберчиликке үйрөтүү.	**2-2 саат**
Жыйынтык	**Теманы тааныштырыңыз!**	**1 саат**

Активаторлор: Маалымат жана темалар

#	Баяндоо
Маалыматтын ишенимдүүлүгү	**«Чындыкпы же ойдон чыгарылганбы?»** Бул оюн кимдир бирөө жеткире турган маалыматтын дайым эле чындыкка дал келбестигин билүүгө өбөлгө түзөт. Катышуучулар өздөрү жөнүндө үч фактты айтышат, эки факт – чындык, бир факты – калп. Калган катышуучулар кайсы «факт» калп экендигин түшүнүшү керек. Андан кийин катышуучулар жалганды чындык менен айырмалоого эмне жардам бергенин талкуулашат.
Суроолордун туюндурмасын изилдөө	**«Адамды тап»** Ар бир катышуучуга 3-5 кичинекей кагаз бериңиз. Алардан ар бир кагазга өздөрү жөнүндө бир нерсе жазуусун сураңыз (мисалы, «Менин Арсен деген иним бар», «Менин эң жакшы көргөн тасмам – «Ак кеме»). Катышуучулардан өзүлөрү жөнүндө конкреттүү фактыларды жазууну сураңыз. Мисалы, алардан «менин үч бир тууганым бар» деген анча-мынча фактылардын ордуна бир тууганынын атын жазууну сураңыз. Андан кийин ар бири өз кагаздарын бүктөп, бардыгы кагаздарды бир баштыкка салат. Ар бир катышуучу баштыкка канча сандагы кагаз салса, ошончо кагазды сууруп чыгат, ошол эле учурда катышуучулар өзүлөрүнүн барактарын сууруп албаш керектигин эскертиңиз. Андан кийин ар бир катышуучу кошумча суроолорду берип, жазманын авторун табышы керек. Автор табылгандан кийин, катышуучу кошумча маалымат алуу үчүн жазуу жүзүндөгү факт боюнча кошумча суроолорду бериши керек. Акырында, баардык катышуучулар кандай маалымат жана бири-бири жөнүндө кантип билүүгө жетишкендиги тууралуу талкуулашат.
Суроолордун түрлөрүн изилдөө	**«Мен киммин?»** Бул оюн катышуучуларга суроолорду берүү көндүмдөрүн үйрөтөт жана көп нерсени билүүгө түрткү берет. Бардык катышуучулар эки топко бөлүнүп, журналисттердин атаандаш командаларын түзүшөт. Ар бир команда белгилүү инсанды же каарманы тандайт, атын жазат жана командадан ошол адамды көрсөтө турган адамды тандап алат. Башка команда бул адамга «ооба» же «жок» деп жооп берген жабык суроолорду берүү менен божомолдошу керек. Команда ырастоочу жоопторду алганга чейин, суроолорду бере алат, эгерде ырастоочу жооптор жок болсо, суроо берүү укугу башка топко өтөт. Адамды биринчи тапкан команда жеңишке жетет. Жабык суроолордун түрлөрүн жана алардын изилдөөгө канчалык тоскоол болгонун анализдөө керек, ошондой эле ачык суроолор берилсе, анализ тезирээк өтөт. Оюн учурунда сиз табышмактуу адамдын атын сурай албайсыз. Оюндун аягында командалар өзүлөрүнө жана атаандаштарына кандай суроолорду бергенин талкуулашат.

Чыгармачылык окуяларын айтып берүү	**«Тилекке каршы, бактыга жараша»** Бул оюн кызыктуу окуяларды айтып берүүгө үйрөтөт. Алып баруучу топту колуна кармап, окуяны «бактыга жараша» же «тилекке каршы» сөзүн айтып, топту катышуучулардын бирине ыргытып жиберет. Катышуучу мурунку окуяны өзгөрткөн фраза же сүйлөм кошуу менен окуяны улантат. Мисалы, эгерде сүйлөм «бактыга жараша» деген сөз менен башталса, анда кийинкилер «тилекке каршы» деп башталат. «Бактыга жараша, фермердин жылкысы бар. Тилекке каршы, жылкы жапайы. Бактыга жараша, анын баласы жапайы жылкыны үйрөтүп алган. Тилекке каршы, ал аттан жыгылып, бутун сындырып алды. Бактыга жараша, азыр ал китеп окууга көбүрөөк убактысы бар... » ж.б.
Маалыматтык доклад	**«Маалыматты өткөрүп бер»** Бул активатор оюну абдан күлкүлүү. Бул катышуучуларга маалыматты жаратууда чыгармачыл болууга жана маалыматтын негизги компоненттерин эстөөгө жардам берет. Бардык катышуучулар тегерете турушат же отурушат жана ойлоп табышкан маалыматты жеткирүү тапшырмасын алышат. Текст оюн учурунда топтун өзү тарабынан түзүлөт. Катышуучулар суроолорго жооп бериши керек: Ким? Эмне? Кайда? Качан? Эмне үчүн? Кандай? Бул суроолорду карточкаларга жазып, айлананын борборуна жайгаштырса болот. Биринчи адам теманы (спорт, саясат, экономика, ден соолук, көңүл ачуу, аба-ырайы) аныктайт, андан кийин кийинки катышуучу «доклад» баштайт. Ал бир сөздү же бир сүйлөмдү сүйлөйт. Кийинки адам окуяны мурунку катышуучу аяктаган жерде улантуусу керек. Ошентип окуя толук айтылып бүтмөйүнчө улантыла берет. Топ менен суроолорду кайрадан талкуулап, башка тема боюнча дагы бир маалымат бөлүшүүгө чакырыңыз.

Киришүү: Бузук телефон

Максаты:	«Маалымат» темасын тааныштыруу, «маалымат» концепциясын түшүнүү; маалыматтын кандайча алмашылуусун оюн аркылуу түшүнүү; айрым маалыматтардын кайсы этапта жоголгонун аныктоо; маалыматтын жоголгон бөлүгү билдирүүгө кандайча таасир эткендигин жана анын маанисин кандайча өзгөрткөндүгүн анализдөө; маалыматтын алмашуу түзүлүшүнө жана анын ылдамдыгына жана берилүүчү маалыматтын ылдамдыгына кандайча таасир этет
Узактыгы:	1 саат
Даярдык:	карточкалар, скотч, ручка, иш барагынын көчүрмөсү
Материалдар:	«Бузук телефон» иш барагынын көчүрмөсү
Ыкмалар:	Топтук иш, атаандаштык, ачык дискуссия
Технологиялар:	-

«Маалыматтын» аныктамасы (20 мүнөт, баары бирге)

Модератор катышуучулар менен саламдашып, алардан «маалымат» сөзүн сүрөттөөнү, ошондой эле «маалымат» сөзү менен кандай сын атоочтордун байланышы бар экендиги жөнүндө ойлонуңуз (жеке, коомдук, расмий, маанилүү, пайдасыз ж.б.) Сын атоочтор карточкага жазылып, тактага же дубалга илинет.

Суроолорду талкуулоо:
- Мен үчүн маалыматка жетүү канчалык маанилүү жана эмне үчүн?

Тапшырма: Бузук телефон (20 мүнөт, баары бирге, мелдеш түрүндө)

Алып баруучу «Бузук телефон» оюнунун эрежелерин түшүндүрөт. Катышуучулар ар кандай маалыматты бири-бирине өткөрүп берүү жолу менен маалымат алмашуу менен машыгышат. Сиз иш барактардагы маалыматты колдоно аласыз же катышуучулардан оюнга кандайдыр бир билдирүүнү тандап, даярдоону өтүнсөңүз болот.

Стандарт оюн: Катышуучулар биринин артынан бири тегеректе турушат, кулактарын жаап алышат. «Жөнөтүүчү» билдирүүнү тандап алып, алдыда турган катышуучуга шыбырайт, башка катышуучулар бул маалыматты угуп калбашы керек. Маалымат айланада турган баардык катышуучулардан бири-бирине айтылып өткөндөн кийин, топ түп нусканы акыркы версия менен салыштырат. Ар бир оюндан кийин катышуучулар айланадагы орундарын алмаштырып турушат.

Тандоого жараша: (1) Билдирүүнү айтып жаткан учурда катышуучуларды алак-

сытуу үчүн, музыканы катуулатып койсоңуз болот. (2) Катышуучулар билдирүүнү баттан жөнөтө алышат, ал үчүн мобилдик телефондон секундомерди колдонсо болот. (3) Катышуучуларды эки командага бөлүңүз, эки команда тең бир эле билдирүүнү таратышат жана бат-баттан ойношот. Акырында, эки команданын кайсынысы так маалымат бергендиги текшерилет. Маалыматты берүүнүн ылдамдыгын жана тактыгын байкап туруңуз.

Талкуу (20 мүнөт, ачык дискуссия)

Оюндан кийин катышуучулар көнүгүү учурунда кандай тажрыйба топтогонун талкуулашат:

- Сиз үчүн эмне жөнөкөй жана эмне кыйын болду?
- Билдирүүнүн татаалдыгы анын так жеткирилишине кандай таасир этет?
- Маалыматтын тез жана музыканын коштоосунда берилиши маалыматка кандай таасир этти?
- Оюндун жыйынтыгы боюнча биз күн сайын маалыматты кандайча колдонуп жатканыбызга байланыштуу кандай тыянак чыгарууга болот?

Иш барагы

Бузук телефон – бош барак

Ар бир аянтка маалымат же болбосо кабарлама жазыңыз. Бул ысым, сүйлөм, жаңылмач же болбосо кызыктуу факт болушу мүмкүн. Узундугу, татаалдыгы жана эмоционалдык түсү, кабарламалар ар түрдүү болушу мүмкүн. Баракчаны кичинекей квадраттарга кесиңиз.

Иш барагы

Бузук телефон

Ар бир баракты түтүкчө кылып ороңуз, катышуучулар болжолдуу түрдө сууруп алган маалыматты шыбыроо аркылуу бири-бирине берүүсү керек.

Көптөгөн кыргызстандыктар ТВга ишенишет, анткени алар видеону жасалмалоого болбойт деп ойлошот.	***Үстүбүздөгү жылдын 1-декабрына чейин Кыргызстанда 1,3 миллион автоунаа катталган.***	***Евразиялык экономикалык комиссиянын Энергетика министри: Эч ким ЕАЭС – белектер салынган арча деп айткан эмес.***
Билим министрлиги Венгрияда окууга «ачык» конкурс өткөзүүгө убада берди.	***«Мен эч кимге, эч нерсеге, кимдир бирөөнүн позициясына, үчүнчү жакка да колдоо көрсөтпөйм», - деп жазды Мирбек Атабеков өзүнүн баракчасына.***	***Кыргызстандык кыз «Пусть говорят» берүүсүнүн эфиринен өз энесин тапты, ал токойдо жалгыз жашайт экен.***
Мэрия жол боюнда 16 «коопсуздук аралчасын» түзүүнү сунуштады.	***Саламаттык сактоо министрлиги: Кыргызстанда эч бир мектеп карантинге жабылган эмес.***	***Google Developers шаарды чабуул менен алат. Бишкек дүйнөлүк эстафетаны кабыл алууда!***

2-бөлүм: Маалымат жана темалар

Көнүгүү: Сен заманбапсыңбы? Маалымат ресурстары

Максаты:	Жеке маалымат каналдарын талдоо, маалыматтын сапатын жана объективдүүлүгүн текшерүү, маалымат менен жарнаманын айырмачылыктарын түшүнүү, маалыматтын башка булактарын түшүнүү жана табуу
Узактыгы:	3 саат
Даярдык:	Ар кандай маалымат булактарынын мисалдарынын тизмесин басып чыгаруу; иш барактарынын көчүрмөлөрүн жасоо; онлайн изилдөө мүмкүнчүлүгүн текшерүү;
Материалдар:	«Ой-пикирлердин барометри» колдонмосу; «Маалыматтын сапаты», «Маалымат каналдары", «Пресс-конференция» иш барактары; карточкалар; кайчы; желим;
Ыкмалар:	Бүт топтун жалпы иши, чакан топтордо иштөө (топтордун курамы оюндан оюнга жараша өзгөрөт), «Пресс-конференция» ролдук оюну
Технологиялар:	Интернеттеги изилдөө үчүн компьютер же смартфон;

Маалымат каналдары (15 мүнөт, баары бирге)

Тренер катышуучулардан учурдагы окуялардан кабардар болуу үчүн маалыматтын кайсы каналын колдоноорун сурайт. Алып баруучу карточкаларга бардык жоопторду жазат. Эгерде бир нече катышуучу белгилүү бир булакты, мисалы, маалымат агенттигинин веб-сайтын көрсөтсө, анда картада ушул маалымат каналын пайдаланган катышуучулардын саны жазылат. Карталар дубалга же тактага орнотулат. Тренердин каалоосу боюнча сиз катышуучулардан учурдагы окуялар жөнүндө (мисалы, досторуңуздан же блоггерлерден) кандай маалымат алууну ойлонушун сурасаңыз болот. Бул жоопторду картага жазып, дубалга же тактага илип коюуга болот. Катышуучулардан сураңыз: «Бизге ким маалымат берет?». Модератор менен биргеликте тренингдин катышуучулары маалымат булактарына сереп салат.

Мамлекеттик ММК	Жеке ММК	Социалдык тармактагы жамааттар / мессенджердеги каналдар
Эркин ММК	Социалдык тармактар /Web 2.0	Иликтөөчүлөр

Тапшырма: Маалыматтын сапаты (30 мүнөт, ой-пикирдин барометри)

Тренер «Биз маалыматтын сапатын кандайча аныктай алабыз?» деген суроо менен кийинки темага өтөт. Тренер катышуучулардан ар кандай критерийлер боюнча маалыматтын сапатын «Ой-пикирлердин барометри» көрсөтмөсүн жана тийиштүү иш баракчасын колдонууну суранат.

Тапшырма: Заманбапсыңбы? Кабардар бол (90 мүнөт, топтук иш, бир изилдөө тобунан экинчисине кезеги менен өтүүлөр)

Тренер катышуучулардан Интернетте бир аз изилдөө жүргүзүүнү жана «Маалымат каналдарынын» биринчи этабында талкууланып жаткан ар кандай маалымат каналдарын изилдөөнү өтүнөт. Катышуучулар топторго бөлүнүшөт, андан кийин алар маалымат каналдарын талкуулашат жана иликтөө жүргүзүшөт, тренер бул каналдарга шилтемелерин жана топторго тиешелүү иш баракчаларын өткөрүп берет. Маалыматтын ар бир каналын изилдөөгө кетчү убакыт 15 мүнөттү түзөт. Ар бир топ маалымат алуу үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөр бар экендигин көрүү жана түшүнүү үчүн ар бир маалымат булагын изилдеп чыгышы керек.

Пресс-конференция (45 мүнөт, баары бирге)

Ар бир топ «пресс-конференцияда» маалымат каналдарын изилдөө учурунда алынган жыйынтыктар жөнүндө сүйлөшөт жана корутунду берет. Бул ролдук оюн үчүн ар бир топ башка катышуучулар менен бөлүшүлө турган белгилүү бир маалымат каналын тандашат:

Мамлекеттик ММК	Жеке ММК	Социалдык тармактагы жамааттар / мессенджердеги каналдар
Эркин ММК	Социалдык тармактар / Web 2.0	Иликтөөчүлөр

Алып баруучу бул оюндагы бардык катышуучулар суроолорду бере турган журналисттердин ролун ойной тургандыгын түшүндүрөт. Ар бир топ өзү тандаган маалымат каналы жөнүндө сүйлөшүп, «журналисттерге» бере турган маалыматын даярдашы керек. Бул үчүн сиз иш баракчасын колдоно аласыз. Топтор иштеп жатканда, тренер аудиторияны кыдырып, зарылчылык келип чыкса, тапшырманы аткарууга жардам берет, катышуучуларга суроолор менен жардам берет, аларды суроолорду берүүгө үндөйт, тырышчаак болуңуз жана жооп канааттандырбай калса кайрадан суроодон тартынбаңыз.

Андан кийин баардыгы аудиторияны пресс-конференцияга даярдашат. Биринчи топ спикерлик үчүн орун алышат. Тренер пресс-конференциянын алып баруучусу ролун аткарат: кириш сөз сүйлөйт, топту жана анын катышуучуларын тааныштырат, пресс-конференциянын кыскача кулактандыруусун берет. Пресс-конференциянын качан бүтөрүн тренер чечет. Андан кийин топтор ролдорду алмаштырышат.

Нускамалар – Ой-пикирдин барометри

Маалыматтын сапаты

«Ой-пикирдин барометри» ыкмасы маалыматтын сапаты жөнүндө кабардар болууга жардам берет. Бул көнүгүү катышуучуларга маалыматтын сапатынын маанилүүлүгү жөнүндө ойлонууга түрткү берет.
Тренер бөлмөнү үч секторго бөлөт, ар биринде 1ден 3кө чейинки сандарды белгилейт жана ар бир сектор бир критерийге же башкасына шайкеш келген маалыматтын сапатына кандайча таасир этиши жөнүндө ар кандай ой-пикирлерди билдирерин түшүндүрөт:

1 - Мен муну аздыр-көптүр маанилүү деп ойлойм.

2 - Мен бул абдан маанилүү деп эсептейм.

3 - Мен бул өтө маанилүү деп эсептейм.

Тренер ар бир критерийди үн чыгарып окуп берет. Критерийлерди үн чыгарып окууну башка бирөөдөн суранса да болот. Критерийлердин тизмеси бар баракты кесиңиз же өзүнчө карточкаларга критерий жазыңыз. Карточкаларды столдун үстүнө коюп, катышуучуларды кезек-кезек менен карточкаларды тандап, аларда жазылган критерийлерди үн чыгарып окуп чыгууга чакырыңыз.

Критерий жарыялангандан кийин, ар бир катышуучу өз алдынча чечим кабыл алат, эгер ал бул критерий маалыматтын сапаты үчүн маанилүү деп эсептесе жана тиешелүү секторго өткөзүп, өз тандоосун көрсөтөт (1ден 3кө чейин).

Башка карточкаларда критерийди жана катышуучулардын маанилүүлүгүн чагылдырган ачкыч сөзүн жазыңыз (ушул критерий боюнча үч секторду тандап алган катышуучулардын саны). Катышуучулар бул же башка критерийдин ушул топ үчүн канчалык маанилүү экендигин билиши үчүн бул карточкаларды дубалга же тактага жабыштырыңыз.

Андан кийин топтор упайлардын айырмачылыгы жөнүндө кыскача талкуу жүргүзөт. Катышуучулардын каалоосу боюнча алар белгилүү бир критерийлерге маани бергендиги жөнүндө айта алышат:

- *Эмне үчүн тигил же бул критерийди ушундайча бааладыңыз?*
- *Сиз өзүңүздүн баалооңузду негиздөө үчүн, кыргыз медиаларынан мисал келтире аласызбы?*

Акырында, сапат критерийлери бар бардык карточкалар жогорулаган тартипте упайлар боюнча бөлүштүрүлөт: катышуучулар эң аз деп баалаган критерийлерден баштап топтун эң маанилүү критерийлерине чейин. Кааласаңыз, талкуу өткөрсө болот, анын жүрүшүндө катышуучулар бул көнүгүүнүн натыйжаларын талкуулашат.

Иш барагы – Ой-пикирдин барометри

Маалыматтын сапаты

Маалымат суроого жооп берет: **Кимге эмне** болду?

Маалымат суроого жооп берет: **Эмне үчүн** бир нерсе болду?

Маалымат суроого жооп берет: **Кай жерде** жана **качан** болду?

Маалымат суроого жооп берет: Мунун кандай **таасирлери бар?**

Маалымат **жөнөкөй** жана **түшүнүктүү тил** менен берилген.

Маалымат мүмкүн болушунча **чындыкты** так сүрөттөйт.

Маалыматта мага жана менин жашоомо **тиешеси бар** бир нерсе айтылат.
Маалымат **учурдагы окуяларга** тиешелүү болуп саналат.
Маалымат **ишенимдүү булактардан** экенин билдирет.
Маалымат **жарнамаларды** камтыбайт.
Маалымат менен менин ой-пикириме **таасир** кылуу аракети жок.

Маалымат **бир нече позициядан кароого** мүмкүнчүлүк берет.

Маалымат эмне болгону тууралуу **объективдүү кароого** мүмкүнчүлүк берет.

Маалыматта **жалган маалымат жок** жана **терс пикирлерди** жайылткан жок.

Иш барагы – Ой-пикирдин барометри

Маалымат каналы 1

Мамлекеттик ММК

Мисалдар:

1	2
Сиздер бул жерден кандай маалыматты таба алдыңыздар?	Бул медианын негизги темалары кандай? Сиз үчүн маанилүүсүн белгилеңиз!
3	**4**
Маалымат кандай жасалат? Медиа адистин болжогон максаты кандай болду?	Маалыматтын сапатын текшерүүгө боло турган мисалдарды издеңиз!

Иш барагы – Ой-пикирдин барометри

Маалымат каналы 2

Жеке ММК

Мисалдар:

1	2
Сиздер бул жерден кандай маалыматты таба алдыңыздар?	Бул медианын негизги темалары кандай? Сиз үчүн маанилүүсүн белгилеңиз!
3	4
Маалымат кандай жасалат? Медиа адистин болжогон максаты кандай болду?	Маалыматтын сапатын текшерүүгө боло турган мисалдарды издеңиз!

Иш барагы – Ой-пикирдин барометри

Маалымат каналы 3

Маалымат агенттиктери

Мисалдар:

1	2
Сиздер бул жерден кандай маалыматты таба алдыңыздар?	Бул медианын негизги темалары кандай? Сиз үчүн маанилүүсүн белгилеңиз!
3	**4**
Маалымат кандай жасалат? Медиа адистин болжогон максаты кандай болду?	Маалыматтын сапатын текшерүүгө боло турган мисалдарды издеңиз!

Иш барагы – Ой-пикирдин барометри

Маалымат каналы 4

Эркин ММК

Мисалдар:

1	2
Сиздер бул жерден кандай маалыматты таба алдыңыздар?	Бул медианын негизги темалары кандай? Сиз үчүн маанилүүсүн белгилеңиз!
3	4
Маалымат кандай жасалат? Медиа адистин болжогон максаты кандай болду?	Маалыматтын сапатын текшерүүгө боло турган мисалдарды издеңиз!

Иш барагы – Ой-пикирдин барометри

Маалымат каналы 5

Социалдык тармактар, Web 2.0

Мисалдар:

1	2
Сиздер бул жерден кандай маалыматты таба алдыңыздар?	Бул медианын негизги темалары кандай? Сиз үчүн маанилүүсүн белгилеңиз!
3	**4**
Маалымат кандай жасалат? Медиа адистин болжогон максаты кандай болду?	Маалыматтын сапатын текшерүүгө боло турган мисалдарды издеңиз!

Иш барагы – Ой-пикирдин барометри

Маалымат каналы 6

Адамдар менен сүйлөшүү тууралуу (биринчи колдон маалымат)

Мисалдар:

1	2
Сиздер бул жерден кандай маалыматты таба алдыңыздар?	Бул медианын негизги темалары кандай? Сиз үчүн маанилүүсүн белгилеңиз!
3	4
Маалымат кандай жасалат? Медиа адистин болжогон максаты кандай болду?	Маалыматтын сапатын текшерүүгө боло турган мисалдарды издеңиз!

Иш барагы – Ой-пикирдин барометри

Пресс-конференция

Бул топ сунуштайт: _____

Тапшырма: Пресс-конференцияны эки этапта даярдоо.

Сиз журналист экениңизди элестетип, башка топ сунуштаган маалыматтык каналдын темасы менен сапатын текшерүү үчүн бир нече суроолорду дайындаңыз.

Эми оюндун этабы үчүн бир нече жооп дайындаңыз, өз кезегинде сиз өзүңүздүн маалыматтык каналыңызды «журналисттердин» суроолоруна жооп берүү үчүн сунуштаңыз.

Көнүгүү: Дубал гезити – аталыштар

Максаты:	Медианын типтүү темаларын изилдөө, ар бир катышуучу үчүн маанилүү болгон темаларды чагылдыруу; коллаж түзүү;
Узактыгы:	2 саат
Даярдык:	Катышуучулардан эски гезит-журналдарды, интернет-ресурстардын материалдарынын басып чыгарып алып келүүсүн сураныңыз же тренер керектүү материалдарды өзү алып келет; иш барактарын басып чыгарыңыз
Материалдар:	Чоң кагаз барактар (ватман, флипчарттагы барактар); эски гезит-журналдар, интернет-ресурстардан басылган материалдар, желим, кайчы, калемдер; «Коллаждарды» түзүү иш барагы
Ыкмалар:	Топтук иш, презентация, ачык дискуссия
Технологиялар:	тандоо боюнча: Интернеттен табылган аталыштарды басып чыгаруу үчүн компьютер жана принтер

Типтүү темалар (10 мүнөт, топтук иш)

Тренер тренингдин катышуучуларынан, адатта, интернет журналда жарыялангган эски журналдан же гезиттен медиа-окуялардын аталышын тандоону өтүнөт. Катышуучулар бир-бирден өз аталыштарын окуп беришет. Модератор тандалып алынган аталыштар боюнча медиа адатта кайсы темаларды камтыганын корутундулайт жана кийинки тапшырмага өтөт.

Тапшырма: Коллаж түзүү (80 мүнөт, топтук иш)

Катышуучулар 2-3 кишиден турган командаларга бөлүнөт. Ар бир топ дубал гезити форматында коллаж жаратат, анда ушул топтун мүчөлөрү үчүн кызыктуу жана маанилүү болгон темалар жана окуялар гана чагылдырылат. «Коллаж түзүү» иш баракчасын колдонсоңуз болот. Тренер катышуучулардын көңүлүн ушул тапшырманы иштеп жатканда төмөнкү суроолорду эсинен чыгарбашы керек:

- Сиз үчүн өзгөчө кайсы темалар маанилүү?
- Сиздин оюңуз боюнча, негизги медиа кандай маалыматты, кайсы окуяларды чагылдырышы керек (ТВ, онлайн медиа, басма, радио)?
- Бул медиа кандай темаларга эч маани бербейт?

Презентациялар, салыштыруу, жыйынтыктарды талкуулоо

(30 мүнөт, ачык дискуссия)

Катышуучулар өз коллаждарынын бет ачарын жасашат. Башка топтор суроолорду берип, өз ой-пикирлерин бөлүшүшөт. Акыркы презентациядан кийин, алып баруучу төмөнкү маселелер боюнча талкуу жүргүзөт::

- Медиа каражаттары чагылдырган жана сизди кызыктырган нерселердин жалпы жана өзүнө тийешелүү өзгөчөлүктөрү кандай?
- Эмне үчүн алдыңкы медиалар айрым темаларды чагылдырбашы мүмкүн?
- Сизди кызыктырган жана тынчсыздандырган темалар боюнча маалыматты кайдан тапса болот?
- Коомдук талкуу башталганда жана сиздин үнүңүз угулушу үчүн бул темаларды кандайча көрсөтүү керек?

Эгерде катышуучулар кааласа, өзүлөрүнүн коллаждарын сүрөткө тартып, Facebook же Instagram`га жайгаштыра алышат.

Иш барагы

Коллаж түзүү

Коллажды дубал гезити форматында жасаңыз, анда сиздин топтун мүчөлөрүнө кызыктуу темалар менен баяндар болот:

- Кандай темалар сизге абдан маанилүү?
- Сиздин оюңузча, негизги медиа куралдары (ТВ, онлайн ММК, басма сөз, радио) кандай маалымат, кандай окуяларды камтуусу керек?
- Бул медиалар кандай темаларга эч эле маани бербейт?

Коллажды кантип даярдайт:

Эски гезит-журналдардагы тамгаларды, сөздөрдү жана баш темаларды, ошону менен бирге онлайн-басылмаларды басып чыгаруу керек. Сизди кызыктыра турган темалар боюнча кесилип алынган сүйлөмдөрдү, сөздөр менен тамгаларды кураштырыңыз. Аларды кагазга жабыштырыңыз.

Гезиттер менен журналдардан, онлайн-басылмалардагы жарыяланган сүрөттөрдөн кесип алып, же сүрөт тартып, же болбосо сүрөткө түшүрүп темалардын башкы сүрөтү катарында кошуңуз. Аларды кагазга жабыштырыңыз.

Тандап алган теманы түшүндүрүү үчүн бир нече сүйлөмдөрдү кошуңуз.

2-бөлүм: Маалымат жана темалар

Көнүгүү: Редакциялык иш жыйын + жаңылыктар

Максаты:	Жаңылыктардын типтүү медиа категорияларын изилдөө жана баалоо; жаңылык отчетун даярдоо; редакциялык пландаштыруу учурунда чечим кабыл алуу; журналистика боюнча тренинг
Узактыгы:	2 саат+ 2 саат
Даярдык:	Катышуучулардан жаңы гезиттер менен журналдарды, интернет-басылмалардын кагазга чыгарылганын алып келүүсүн сураныңыз, сиз дагы өзүңүзгө бир нерсе алып келсеңиз болот, иш баракчаларын басып чыгарыңыз
Материалдар:	«Жаңылыктар жана категориялар», «Темаларды баштапкы изилдөө», «Изилдөө жана жаңылыктарды жазуу» иш барагы, флипчарт
Ыкмалар:	Топтук иш, изилдөө, ачык дискуссия
Технологиялар:	Эгер мүмкүн болсо: компьютер / смартфон (ТВ / радио тиркемелери), радио

Уюштуруу жыйналышы (30 мүнөт, баары бирге, киришүү)

Катышуучулар жаңы телеканалдын алып баруучулары жана журналисттери болушат. Бул каналдын максаттуу аудиториясы – жаштар. Негизги максат – жаштарды сапаттуу жаңылыктар жана маалымат менен камсыз кылуу. Тренингдин модератору – башкы редактор, уюштуруу жыйналышында «кесиптештерин» куттуктайт. Ал суроолорду берүү менен тапшырмаларды берет:

1. *Жаңылыктар деген эмне жана жаңылыктын кандай мүнөздөмөлөрүн билесиз?*

2. *Жаш аудитория үчүн сапаттуу жаңылыктарды жаратуу үчүн кандай шарттар аткарылышы керек?*

Модератор жаңылык медиа жана жеке учурдагы окуялар боюнча байланыш маалыматы экендигине көңүл бурат жана катышуучулардын түшүнүшүнө ынануу үчүн маалымат, айрым окуялар жана учур сыяктуу терминдерди түшүндүрүп берүү үчүн мисалдарды колдонот. Экинчи суроого жооп «түшүнүктүү», «сүрөттөөчү», «ишенимдүү» деген сөздөрдү камтышы керек. Тандоо теманын маанилүүлүгүнө жана анын жаштар аудиториясына ылайыктуулугуна негизделгенин түшүндүрүп берүү керек.

3. *Бизге жаңылыктардын кандай категориялары керек?*

Катышуучулар өз алдынча же иш баракчаларын колдонуп же флипчартта «маанилүү окуялар», «эл аралык окуялар», «улуттук маанидеги окуялар», «саясат», «эко-

номика», «коом», «маданият», «илим», «технология», «спорт», «аба ырайы» категорияларын жаза алышат. Андан кийин тренингдин ар бир катышуучусу ар бир категория үчүн теманын үлгүсүн табышы керек, катышуучулар ар бир категория үчүн белгилүү бир теманын маанисине добуш беришет. Мисалы, ар бир катышуучу беш категория боюнча добуш бере алышат, аларда материалдар даярдалат. Модератор добуштардын жыйынтыгы боюнча категорияларды бөлүштүрөт, көпчүлүк катышуучулар добуш бергендерди тандайт жана аларды чыныгы телекөрсөтүү жаңылыктар программаларында көрсөтүлгөн категориялар менен салыштырат. Топ алардын тандоосуна жараша талкуулап чыгышат. Акырында бардык катышуучулар бештен онго чейин (тренингдин катышуучуларынын санына жараша) тренингдин катышуучулары материалдарды даярдай турган эң маанилүү категорияларды тандашат.

Темаларды алгачкы изилдөө (45 мүнөт, топтук иш)

Алып баруучу тренингдин бардык катышуучулары иштей турган жаңылыктар программасынын убакытын аныктайт (мисалы, беш мүнөт). Убакытты үнөмдөө үчүн видеотасмалар чыгарылбайт, катышуучулар даярдалган текстттерди окуп чыгышат. Жалпысынан, ал тренингдин катышуучуларынын санына жараша бештен онго чейин темаларды камтышы керек. Бирок башында категорияны тандап алуу үчүн, ар бир адам темалар жана учурдагы окуялар боюнча бир аз изилдөө жүргүзүшү керек. Катышуучулар чакан топторго бөлүнүшөт, ар бир топ жаңылыктардын бир же бир нече категориялары боюнча иштешет. Эки топтун бир эле категориядагы бир темада иштеши мүмкүн (мисалы, эл аралык окуялар же саясат). Максаты – учурдагы окуялар жөнүндө маалымат чогултуу, андан кийин ар бир конкреттүү категориядагы темалар боюнча кыскача баяндама даярдоо. Катышуучулар ар кандай маалымат булактарын (ар кандай телеканалдар, гезиттер, радио программалар, интернет-басылмалар) колдонушу керек. Даярдык көрүү убактысы чектелүү болушу керек. Андан тышкары, жаңылыктар журналисттери көбүнчө убакыт кысымында иштешет жана жаңылыктарды тез арада табууга аргасыз болушат. Катышуучуларды «скандоого» чакырыңыз, өтө эле майда-чүйдөсүнө чейин айтпаңыз: ушул этапта сиз маанилүү көрүнгөн окуяларды гана тандап алууңуз керек (тиешелүү иш баракчасын колдонуу менен).

Топтор темаларды изилдеп жатышканда, модератор жаңылык программасын жайылтуу үчүн бош торчо менен флипчарт даярдайт. Программанын убактысы (узактыгы) жана анын элементтеринин (материалдарынын) саны катышуучулардын санына жараша болот.

Темаларды жана программанын түзүмүн тандаңыз (45 мүнөт, бардык топ, редакциялык жыйналыш)

Ар бир топ ар бир категориядагы темаларды тандоонун негизинде презентация жасайт. Катышуучулар суроолорго жооп берүү менен тандалган окуяларды жана темаларды кыскача карап чыгышы керек:

- *Ким? Эмне? Кайда? Качан? Эмне үчүн? Кандайча?*
- *Тема маанилүү, анткени ... (мисалы, олуттуу кесепеттери болушу мүмкүн)*

Модератор бардык темаларды карточкаларга жазат жана эң маанилүүлөрүн белги-

лейт. Бардык топ өз темаларын сунуштап, материалдарын кантип даярдай тургандыгын талкуулашкандан кийин:

- *Маанилүүлүгүнө же аудиториянын – жаштардын кызыгуусунан улам, кайсы темалар программанын курамына кириши керек?*
- *Ар бир темага канча убакыт бөлөбүз?*
- *Жаңылыктардын башында кандай тема болушу керек?*
- *Калган темалар кандай тартипте жайгаштырылат?*
- *Кызыктуу берүү жасоо үчүн дагы эмнелерди кошсо болот?*

Ушул «жолугушуунун» аягында келечектеги программа түшүнүктүү түзүлүшкө ээ болушу керек, ал репортаждарды «чыгаруунун» ырааттуулугун жана ар бир хронометраждын убактысын (15тен 60 секундга чейин) чагылдырат.
Катышуучуларга суроо берип, структураны дагы талкуулаңыз:

- *Бул программанын структурасы жөнүндө кандай ойдосуз?*
- *Биз баштан кечирген процессти карап, телекөрсөтүүлөрдүн кандайча түзүлгөнү жөнүндө эмнелерди билдиңиз?*

Тренер катышуучулар менен бирге жаңылыктын мүнөздөмөлөрүн талкуулайт:

- *Журналисттер көбүнчө башка медиаларды (мисалы, маалымат агенттиктерин) маалыматтын булагы катары колдонушат, ошондуктан көптөгөн медиалар бир эле окуяны сунушташат, бирок дүйнөдө көптөгөн окуялар болуп жатат.*
- *Маалымат каражаттарында дүйнө жүзүндө болуп жаткан окуялардын бардыгын чагылдырууга болбойт.*
- *Медиада иштеген адамдар теманы тандоого жана бул темалардын кандайча чагылдырылышына таасир этет.*
- *Канал аудиторияны жоготуп албашы үчүн биринчи сюжет «күчтүү» болушу керек.*

Аудиторияңызга бир нече ар кандай категорияларды сунуштоо чечими программага жаркын түс кошо алат. Бирок жаман жактары болушу мүмкүн. Мисалы, эгерде программа маданият, спорт же бизнес маселелерин гана камтыса, анда программанын талаптарын канааттандыруу үчүн ушул категорияларга анча маанилүү эмес темалар кирип калышы мүмкүн. Натыйжада, башка категориялардагы маанилүү темалар көңүл сыртында калып калат.

---------- Тыныгуу жасаңыз! ----------

Киришүү: изилдөө жана жаңылык жазуу (30 мүнөт, бардык топ)

Жаңы теманы тааныштыруу жана тапшырма берүү үчүн, модератор теманы изилдөө жана жаңылыктарды жазуунун бир катар жаман мисалдарын берет, мисалы:

> *«Жаңы журналист өзүнүн кеңсесине келип, Facebook'тан билдирүү алат, анда элге үйдө калууну эскерткен, анткени шаарда банк тоноочу куралчан каракчы жүргөндүгү, укук коргоо органдары аны кармай албай жаткандыгы жазылган. Журналист кеңсеге чуркап кирип, ошол замат:* ***«Эл дүрбөлөңгө түшүп жатат, бирок полиция жарандарды коргой албайт»*** *деген тема менен жазып чыгат».*

Тренер катышуучулар менен журналисттин жүрүм-турумун талкуулап, алар журналисттик этиканы ойлонушат. Тренер журналисттин негизги стандарттарын айтып берет. Тренингдин катышуучулары эмне коркунуч алдында тургандыгын түшүнүп, стандарттардын негизинде журналисттердин жүрүм-турумунун оң жана терс мисалдарын өз алдынча бере алаарына ынануу керек.

Журналисттин ишинин негиздери:

Журналист теманы же суроону изилдөөнүн ар кандай ыкмаларын колдоно алат. Анын ичинде, мурун башка маалымат каражаттарында, мисалы гезиттерде, радио жана телевидениеде, тиркемелерде, Интернетте, жада калса социалдык тармактарда жана блогдордо жарыяланган интервьюларды, жаңылыктарды жана тематикалык отчетторду изилдөө. Бирок, журналисттер эч качан бир гана булакка таянышпашы керек. Алар маалыматты текшерип, ар кандай булактардагы маалыматтарды салыштырып турушу керек.

Жаңылыктар эч качан журналисттин пикирин билдирбеши керек. Алардагы фактыларды жана окуяларды сүрөттөө объективдүү жана калыс болууга тийиш.

Талаштуу маселелер жөнүндө айтылып жаткан жаңылыктар бир көз карашты гана камтыбашы керек, бир нече тараптардын позицияларын камтышы керек.

Жаңылыктарды жазууда объективдүү болушуңуз керек.

Бир нече булактарды жана көз караштарды талдап чыккандан кийин, маалыматты структуралаштыруу керек.

Жаңылыктар эки бөлүктөн турат: киришүү / лид жана текст.

- Биринчи бөлүгүндө киришүү / лид жетектөөчү окуя болгон же болуп жаткан же боло турган окуя жөнүндө кыскача маалымат берет. Бул маалымат «эмне», «ким», «кайда» жана «качан» суроолоруна жооп бериши керек.
- Экинчи бөлүктө кеңири маалымат жана кошумча маалыматтар камтылып, анын кесепети кандай болушу мүмкүн экендиги айтылат.

Жаңылыктар жөнөкөй жана түшүнүктүү тилде жазылып, адистештирилген тематикалык терминдерди колдонуш керек.

Изилдөө жана жаңылык жазуу (60 мүнөт, топтук иш)

Теманы тааныштыргандан кийин, катышуучулар чакан топторго бөлүнүшөт. Ар бир топ үйрөнүүнү каалаган келечектеги программанын түзүмүнөн теманы тандашат. Катышуучулар убакыттын жарымын теманы изилдөө үчүн, калган жарымын докладдын текстин даярдоого жумшашы керек. Көнүгүү учурунда модератор бир топтон экинчи топко өтөт жана керек болсо жардам берет. Кабар даяр болгондо, башкы редактор катары модератор тексттерди текшерет.

Программаны даярдоо жана «обого чыгаруу» (30 мүнөт, баары бирге)

Азыр программаны даярдоонун убагы келди. Бардык программа үн жаздыргычка

же уюлдук телефондун видеокамерасына жазылышы керек.

Ар бир топ ушул топтун репортажын окуган дикторду жана презентацияны кайталап даярдоого жардам берген жардамчыны тандайт.

Ал учурда, калган катышуучулар «студияны» даярдайт – стол, дагы бир реквизит жана программаны жаза турган жер.

Баары даяр болгондо, программа башталат. Катышуучулар кезектешип өз репортаждарын окушат.

Программаны жазууда башкы редактор же катышуучулардын бири тартипти сактоону көзөмөлдөп турат.

Жаздыруу аяктаганда, катышуучулар жаңы тажрыйбасын жана программанын өзүн талкуулашат:

- *Сиздин ролуңуз өзүңүзгө жактыбы?*
- *Кандай кыйынчылыктар болду?*
- *Бул кызыктуу болдубу? Эмнеси кызык болду?*
- *Сиздин оюңуз боюнча, программа сапаттуу болуп, жаштар аудиториясы үчүн кызыктуу болот деп ойлойсузбу?*
- *Сиздин программаңыздын бардык жактарын (сапаты, темалары, тили) сыналгыдан көргөн же радиодон укканыңыз менен салыштырыңыз.*

Иш барагы

Жаңылыктар жана категориялар

Аныктамаларды окуп, анын негизги сөздөрүн талкуулаңыз:

Жаңылыктар – бул өз алдынча агымдагы окуялар тууралуу маалымат алмашуу.

Маалымат көбүн эсе категорияларга бөлүнөт жана медиамейкерлер (гезит, телевидение жана радиостанциялар) тарабынан структураланат. Ар түрдүү категорияларды ойлоп, аларды бош блокторго жазыңыз. Сизге туура келген беш категорияны жылдызча менен белгилеңиз. Категориясы бар ар блоктун тушуна ошол категорияга туура келген бир жаңылык мисалын жазыңыз.

Иш барагы

Жаңылыктар – алгачкы кыскача изилдөө

Алгачкы кыскача изилдөөнү, улуттук же болбосо эл аралык окуялардын ар түрдүү категорияларда актуалдуу боло тургандыгын үйрөнө турган кез келди.

Тапшырма: Ар түрдүү жеткиликтүү маалымат булактарын талдаңыз. Гезит, телевидение жаңылыктарын (смартфондогу тиркемелер), радио жаңылыктарын (смартфондогу тиркемелер), интернет жана социалдык желелерди колдонуңуз. Актуалдуу окуяларды медиадан издеңиз жана маанилүү окуяларды тандаңыз. Максаттуу аудиторияңызды унутпаңыз. Майда-барат маалымат бербеңиз: жалпы маалымат жеткиликтүү болот.

Белгилерди коюңуз жана маалыматтын булактарын жазыңыз.

Категория	Базалык маалымат	Булактар
	Эмне: Ким: Кайда: Качан:	
	Эмне: Ким: Кайда: Качан:	
	Эмне: Ким: Кайда: Качан:	
	Эмне: Ким: Кайда: Качан:	

Нускамалар

Берүүлөрдүн программасы

Редакциялык жыйналыш өткөзүп, кайсыл темалар чагылдырыла тургандыгын аныктаңыз. Телевидениеде кеминде бир адам структура жана программа, кабар таратуу графиги жана обого чыгуучу программаларды уюштуруу жаатында жумуш алып барат.

Бул көнүгүүдө программа кандай уюштурулгандыгы тренингге катышуучулардын жана кичи топтордун санына байланыштуу. Сиз ар түрдүү жаңылык категорияларында эң кеминде беш теманы тандооңуз керек: программанын убакыты 5-10 минут болушу керек. Ар бир репортаждын узактыгын аныктаңыз.

Визуализация: Флипчартта программанын структурасын тартыңыз, репортаждардын санын көрсөтүңүз, алар кандай ирет менен «жарыялана тургандыгын», темалар менен категорияларды, ар бир репортаждын узактыгын көрсөтүңүз. Керек болсо, программаны даярдоого арналган башка тапшырмаларды көрсөтүңүз.

Мисалы:

#	Тема	Категория	Алып баруучу	Узактыгы	Убактысы
1	Гонг-Конгдогу нааразылык	Топ, эл аралык жаңылыктар	Динара	45 с.	00:00-00:45
2	Президенттин кайрылуусу	Улуттук, саясат	Бакыт	30 с.	00:45-01:15
3	Айлык-акынын жогорулашы	Экономика	...	30 с.	01:15-01:45
4	Жолбун ит	Оюн-зоок	...	15 с.	01:45-02:00
5	Музейдеги жаңы көргөзмө	Маданият	...	45 с.	02:00-02:45
6	Белгилүү актёрдун тою	Оюн-зоок	...	15 с.	02:45-03:00
7	Эл аралык футбол турнири	Спорт	...	30 с.	03:00-03:30
8	Спорттук мелдештин натыйжалары	Спорт	...	30 с.	03:30-04:00
9	Аба-ырайынын болжолу	Аба-ырайы	...	15 с.	04:00-04:15

Ошондой эле сиз белгилүү бир репортажды чагылдырууга дикторду таңдай аласыз же болбосо чыгармачыл топтун өздөрү радио программаларды дайындоо кезинде өз баяндамаларын окуй алышат. Программаны мобилдик телефондун видеокамерасына же болбосо диктофонуна жаздырып алыңыз.

Иш барагы

Изилдөө жана жаңылыктарды жазуу

Азыркы окуя тууралуу тандап алган темаңызга бир аз изилдөө жүргүзүп, темага байланыштуу негизги ойлорду жазып алыңыз. Ар түрдүү маалымат булактарын колдонуңуз, аларды салыштырыңыз жана жыйналган маалыматты ырастаңыз. Негизги маалыматтарды гана эмес, ошону менен бирге ошол окуянын себептери жана кесепеттерин кошо ар түрдүү көз караштарды жыйнаңыз. Объективдүүлүк тууралуу унутпаңыз жана ар түрдүү көз караштар менен пикирлерди изилдеңиз.

Эми жаңылыктар репортажын өз сөзүңүз менен жазыңыз. Алгач маалыматты структуралаштырыңыз. Эки бөлүм тууралуу унутпаңыз: киришүү / лид (Эмне? Ким? Кайда? Качан?) жана кошумча маалымат, түшүндүрмөлөр менен корутундулар бар жаңылыктар тексти. Баяндамаңызды үн чыгарып окуп чыгыңыз, анын убакыты редакция жыйналышында баяндамаңызга бөлүнгөн «эфир убактысына» шайкеш келеби? Сизде бар «эфир убакыты» үчүн канча сүйлөм айтуу керек экенин эсептеп көрүңүз.

Жыйынтыктар: Өз темаңды презентацияла!

Максаттары:	Тема тууралуу сүйлөшүү үчүн ар түрдүү маалымат ресурстары менен иштөөнү үйрөнүңүз; темаларыңызды түшүндүрүүнү үйрөнүү, презентацияларды даярдоо үчүн интернеттеги куралдарды колдонууну үйрөнүү;
Узактыгы:	Киришүү: 1 саат. Активдүү иштөө: 1-2 жума; Жыйынтык: 1 саат
Даярдоо:	Презентация үчүн онлайн-куралдар менен таанышуу, мисалы: www.pinterest.com / www.padlet.com/ www.canva.com
Материалдар:	-
Ыкмалар:	Топ менен иштөө, изилдөө, медиа менен активдүү иштөө
Технологиялар:	смартфондор

Теманы тандоо (15 мүнөт, топ менен иштөө, баары биргеликте)

Катышуучулар топко бөлүнүшөт, ар бир топ кандай теманы окуп, аны онлайн жарыялоону талкуулайт. Топторго айланасындагыларды сурамжылоо аркылуу окууга боло турган темаларды тандаганы туура болот.

Сиз темаларды тандай аласыз: «Өз шаарыңыздын жашоосу»; «Келечек кесиптери»; «Жаштардын кыялы»; «Каржылык сабаттуулук», «Кыргызстандагы билим». Катышуучулар өздөрү үчүн маанилүү теманы тандоосу керек.

Изилдөө жана онлайн-презентация (45 мүнөт, баары биргеликте)

Модератор ар түрдүү маалымат булактарына кыскача сереп салат. Ал катышуучуларга адамдар менен маек жүргүзүп, сүрөткө түшүүгө кеңеш берет. Андан кийин ал онлайнда презентация жасай ала турган кошумча тиркемени көрсөтөт: *www.padlet.com* же *www.canva.com*

Изилдөө / онлайн-презентация (1 же 2 жума, топ менен иштөө, медиа менен активдүү иштөө, презентация)

Катышуучулар өздөрүнүн тандаган темаларын ар түрдүү маалымат булактарын (басма сөз, интернет ж.б.) колдонуу аркылуу билишет, маек жүргүзөт. Алар мобилдик телефондорун маек жазууга жана сүрөткө тартуу үчүн колдоно алышат. Андан кийин алар өз жумуштарын интернетте, мисалы, социалдык желелерде же болбосо онлайн-презентациялар жасоо платформаларында жарыялайт.

3-бөлүм
Социалдык медиа жана Web 2.0

Социалдык медиа жана Web 2.0 тууралуу маалымат

Интернет деген эмне?

Интернет бул дүйнө жүзүндөгү компьютерлерди туташтырган тармак. Ал муну TCP / IP - Transmission Control Protocol / Internet Protocol (Берилмелерди башкаруу протоколу/Интернет-протокол) деп аталган атайын компьютердик тил менен аткарат. Мына ушул жерде «IP дареги» деген термин келип чыккан – бул сиз көргүңүз келген маалымат жөнөтүлгөн дарек. Ушул жалпы тил аркылуу маалымат жана берилмелер кичинекей бөлүктөргө бөлүнөт (пакеттер деп аталат). Алар маалымат линиялары аркылуу жөнөтүлөт, андан кийин тигил же бул маалыматты алууга аракет кылган адам үчүн маалымат чогултулат.

Интернеттин мүнөздөмөлөрү кандай?

Интернет ар дайым өзгөрүп, жаңылануда. Бул маалымат издөөдө колдонуучуларга чексиз тандоолорду берет. Колдонуучулар ар дайым жаңыланып турган чоң маалымат базасына туруктуу мүмкүнчүлүк алышат жана анын издөө алгоритмдери жакшыртылат. Интернеттин расмий көзөмөлү жок, демек, интернетте тараткан нерселери үчүн жеке адамдар жана уюмдар жооптуу. Натыйжада, бир жагынан, колдонуучулар тармакта жетиштүү корголгон эмес, экинчи жагынан, бул Интернет глобалдык масштабда сөз эркиндигин колдойт дегенди билдирет.

Интернетте редакторлук көзөмөл жок болгондуктан, желеде көптөгөн пикирлер менен жарым-жартылай чындыктар кездешет, алар бир караганда маанилүү маалымат болуп көрүнүшү мүмкүн. Интернетте жек көрүүчүлүк, порнография жана зомбулукка үндөө көп кездешет. Бирок Интернет жеке адамдарга, азчылыктарга, өзгөчө муктаждыктары бар адамдардын топторуна сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бул дүйнө жүзү боюнча жалпы кызыкчылыктары же тажрыйбасы бар адамдарды бириктире алат.

Интернет бардык маалыматтарды сактайт, демек, Интернеттен маалыматты алып салуу иш жүзүндө мүмкүн эмес, бирок бул маалыматты табуу оңой болбой калышы мүмкүн. Бөтөнчө жаман нерсени жарыялоодон мурун, «Интернет эч качан унутпайт» деген нерсени эске алуу пайдалуу.

Интернетке ким ээлик кылат?

Чындыгында Интернеттин белгилүү бир ээси жок, анткени ал «тармактардын тармагы». Жеке компаниялар же уюмдар миллиарддаган колдонуучуну туташтырган Google же Facebook сыяктуу өз тармактарына ээ.

Интернетте глобалдык оюнчу ким болуп эсептелет?

Интернетти толугу менен башкара турган бир дагы адам же уюм жок болсо дагы, бир топ негизги оюнчулар жана компаниялар бар – алар абдан таасирдүү болгон интернет гиганттары. Алардын катарына Microsoft, Apple, Facebook жана Google кирет. Алардын ар биринин өз тартиби жана максаттары бар (мисалы, акча табуу же колдонуучунун маалыматтарын чогултуу).

Интернетке байланыштуу ар кайсы тармактарда ар кандай оюнчулар бар. Кимдир бирөө Интернет провайдеринин жана программалык камсыздоонун кызматтарын сунуш кылат. Башкалары веб-коопсуздук, веб-соода, веб-байланыш тармагында өз кызматтарын сунушташат.

Web 2.0 деген эмне жана Web 2.0 эмнени өзгөчө кылат?

Web 2.0 Интернеттин өнүгүшүнүн экинчи фазасын билдирет. Эң башында, Интернет жалпыга жеткиликтүү болгондо, негизинен онлайн маалымат окууга колдонулган. Мунун себеби төмөн ылдамдык, маалыматтарды берүү чектелген жана тармакка контентти программалоо билими жок жана HTMLде жарыялоо кыйын болгон (HTML программалоо тили эмес; бул белгилөө тили жана сиз барган браузериңизден веб баракчаларды көрсөтөт). Бул оор гана эмес, көп убакытты талап кылган. Бирок эми технологиялык прогресс ар кандай маалыматты (окуялар, комментарийлер, сүрөттөр, видеолор ж.б.) эки жолу баскычты чыкылдатуу менен жайгаштырууга мүмкүнчүлүк берет. Азыр биз Интернеттеги маалыматты окуп эле койбостон, аны өзүбүз түзүп, жайылтып жатабыз. Интернет аркылуу каалаган адам маалыматты, мисалы, Facebook'та сүрөтүн же блогуна жаңы постту жайгаштыра алат. Web 2.0 керектөөчүлөр менен контент жаратуучулардын ортосундагы чек araларды дээрлик жок кылды.

Социалдык тармактар деген эмне жана аларды эмне өзгөчө кылат?

Социалдык тармактар – бул колдонуучуларга башка колдонуучулар менен же виртуалдык жамааттар менен контент түзүүгө жана бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берген веб-сайттар жана тиркемелер. Колдонуучулар жекелештирилген профиль түзүп, башка аккаунттардын ээлери менен байланышууга жана алар менен ар кандай жолдор менен байланышууга мүмкүнчүлүк алышат, мисалы, өз профилдеринде сүрөт жана видеолорду бөлүшүү, Интернетте баарлашуу, жалпы кызыкчылыктар үчүн жамааттарды түзүү. Гезиттер, радио жана телевидение сыяктуу салттуу медиа үчүн социалдык тармактар өтө маанилүү болуп калды, анткени колдонуучулар жарыяланган сайттарга азыраак барып, социалдык тармактар аркылуу көбүрөөк маалымат алышат. Эгер колдонуучуларга контент жакса, алар аны социалдык тармактардагы достору же тез кабарчылар менен бөлүшө алышат. Ошентип, социалдык медиа салттуу маалымат каражаттары үчүн маанилүү канал болуп калды.

Веб 2.0 жана социалдык медианын мисалдары?

Facebook, Twitter, Instagram, YouTube, Flickr, LinkedIn жана Pinterest популярдуу коомдук медианын мисалдары. Web 2.0 интерактивдүү программалардын башка түрлөрүн камтыйт, мисалы, файл алмашуу, онлайн-банкинг, онлайн соода.

Мен колдоно ала турган социалдык медиа менен Web 2.0 артыкчылыктарынын кандай жактары бар?

Социалдык медиа аларды оңой колдонула тургандай кылып жасалат, эреже катары, социалдык медиа акысыз. Колдонуучуларга өз профилин түзүү жана контентти жарыялоону баштоо, башка колдонуучулар менен иштешүү үчүн атайын көндүмдөрдүн кереги жок. Социалдык медиа башка адамдар менен байланышта болууну, ошондой эле адамдарды кызыкчылыктары боюнча издөөнү жеңилдетет. Бул сайттар колдонуучуларды жаңы байланыштарды издөөгө үндөгөндүктөн, алар байланыштарды жана булактарды табууга ыңгайлуу. Web 2.0 Интернетти динамикалуу жана демократиялык жайга айлантат. Биздей жөнөкөй адамдар, мисалы, кесипкөй журналист эмес, өз окуяларын айтып, алар үчүн маанилүү болгон нерсени талкуулай турган канал бар. Web 2.0 ошондой эле карапайым адамдарга коомдо болуп жаткан окуяларга көбүрөөк катышууга жардам берет, анткени биз онлайнда көргөн маалыматтарыбызга комментарий жазып, өз постторубузду, ошондой эле шилтемелерди жайгаштыра алабыз.

Социалдык медианы жана Web 2.0 колдонууда мен үчүн кандай коркунучтар бар?

Социалдык медиа адамдар маалымат бөлүшкөндүктөн иштейт жана алар аны коомдук мейкиндикте жасашкандыктан, бул маалымат башка колдонуучуларга да жеткиликтүү. Демек колдонуучулар өздөрү жөнүндө кандай маалымат бөлүшөрү тууралуу ойлонушу керек. Тобокелдиктер оңой эмес, бирок жагымсыз болушу мүмкүн, мисалы, сиз өзүңүз жөнүндө жеке бир нерсе жарыялаган болсоңуз жана аны сиз билбеген адам көрсө, анда өзүңүздүн жеке мейкиндигиңизге кимдир бирөө басып киргендей сезилет. Айрым иш берүүчүлөр өз кызматкерлеринин профилдерин текшерет, мисалы, алар интернетте кандай образ жаратканын түшүнүү үчүн. Бирок тобокелдиктер олуттуу болушу мүмкүн. Мисалы, сиз эс алуудагы сүрөттөрдү жарыяласаңыз, ал маалыматтар кылмышкерлер үчүн ачык болсо, сиз үйүңүздө жок болгондо уурулукка кирүүсү мүмкүн.

Анонимдүү маалыматты жарыялоо мүмкүнчүлүгү Интернеттеги кодулоо коркунучу жогорулашына алып келет, тармак кодулоону жарыялап же жасалма аккаунт жасашы мүмкүн. Web 2.0деги негизги коркунучтар – коопсуздук жана купуялуулук. Интернетте өзүңүз жөнүндө маалыматты жайгаштыруу менен, хакерлерден коркунуч пайда болушу мүмкүн, башка адамдар сиздин уруксатыңызсыз маалыматтарга кире алышат. Башкалар сиз жөнүндө ачыкка чыгаргыңыз келбеген маалыматты табышы мүмкүн.

Канткенде онлайн режиминде коопсуз бойдон калсам болот?

Интернетте эмне жарыялаганыңыз жөнүндө ар дайым ойлонуңуз. Көпчүлүк социалдык тармактар сиз жарыялаган маалыматка жете алган адамдардын санын азайтуу үчүн купуялуулук / купуялуулук жөндөөлөрүн колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Белгилүү бир колдонуучуларды бөгөттөөгө жардам берген функциялар бар. Күчтүү сырсөзүңүз бар экендигин текшериңиз – кеминде сегиз цифрадан турган кичине жана чоң тамгалар, сандар жана символдордон болушу кажет. Сырсөзүңүздүн маалыматын ар дайым купуя сактаңыз. Болбосо, баракчаңыз бузулуп, кимдир

бирөө маалыматты сизден келгендей жайгаштырышы мүмкүн. Эгер сиз онлайн режиминде ушундай аракеттердин курмандыгы болуп жатсаңыз же башка колдонуучунун баракчалары бузулуп калгандыгын байкасаңыз, скриншот жасап, социалдык тармактын же веб-сайттын администрациясына бул жөнүндө билдирип коюңуз.

Социалдык тармактар жана Web 2.0 коомго кандай таасирин тийгизет?

Социалдык тармактар жана Web 2.0 алардан улам купуялуулугун жоготкону үчүн сынга алынат. Адамдар өзүлөрү жөнүндө Интернетте оффлайн деп айтууга караганда көп сүйлөшүшөт. Айрым адамдар жандуу байланыш онлайн режимин алмаштырды деп кооптонушат жана бул адамдардын бири-бири менен жандуу байланышына терс таасирин тийгизет. Мындан тышкары, колдонуучулар алдын-ала текшерүүсүз эле ушактарды жана жалган маалыматтарды таратышат. Бирок бул досторго алардын достору ишенишет. Бул достор ушактардын жана калптардын чындык экендигине ишенип, андан ары бул маалыматты жайылтышат. Бул чоң масштабдагы дезинформацияга алып келет. Бирок, социалдык медиа ошондой эле тез маалымат алмашуу жана бир-бири менен байланышта болбой турган адамдар менен байланышта болууга жардам берет. Ар бир адам маалыматка жете алат, контентин түзүп, аны жайылта алат, бул сөз эркиндигин жайылткан демократиялык мейкиндик жөнүндө сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Web 2.0 жана социалдык тармактар демократиялык коомдо кандай ролду ойнойт? Кандай кыйынчылыктар бар?

Социалдык тармактар саясий иш үчүн ыңгайлуу мейкиндикке айланды. Алар саясатчыларга шайлоочулар менен түздөн-түз байланышууга, экинчиси саясатчылардын иш-аракеттерин так текшерүүгө мүмкүнчүлүк берет. Web 2.0 талкууларды тез арада түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кыска убакыттын ичинде адамдардын чоң тобун чогултуу үчүн социалдык медианы колдонсо болот. Ошентип, социалдык медианы адамдар жана алардын уюмдары тез кабардар кылуу үчүн колдонсо болот. Социалдык тармактар митингдерди, демонстрацияларды же демонстрацияларды өткөрүү максатында калктын ири топторун уюштуруу аянтчасына айланган көптөгөн мисалдар бар. Ошого карабастан, медианын бул түрү мамлекетке өз жарандарынын ишмердүүлүгүн кыйла кылдаттык менен көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Социалдык медиа жана Web 2.0 топторго өз билдирүүлөрүн тез арада жайылтууга мүмкүнчүлүк берет, бирок ошондой эле тез пропаганда таратышат.

(**Булак:** www.teach-ict.com, http://epthinktank.eu)

3-бөлүм: Социалдык медиа жана Web 2.0

Негизги

Окутуунун максаттары

Билим

Интернет коопсуздугу; кибербуллинг; Facebook: аккаунттун жалпы тескөөсү, купуялык, беттер, топтор; Twitter: оаккаунттун жалпы тескөөсү, твиттер, жазылуу, текшерүү;

Көндүмдөр

- Социалдык желелерди колдонуудагы жоопкерчилик;
- социалдык желелерде маалыматты издөө;
- маалыматты ырастоо;
- социалдык желелер аркылуу башка колдонуучулар менен байланыш;
- жаматтык же топтук өнүгүү;
- **социалдык желелерде мультимедианын** өндүрүшү (кыска тексттер, видео, сүрөт);
- социалдык желелерди пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү менен коопсуздугун түшүнүү: Twitter, Facebook, LinkedIn же Instagram;
- социалдык желелерди кесиптик максаттарда пайдалануу.

Программа

Жаштарды медиа жана маалыматтык сабаттуулукка үйрөтүү үчүн, ошондой эле ага керектүү көндүмдөрдү үйрөтүү үчүн, сиз тренер катары ар түрдүү темаларды, конкреттүү мамилелерди жана ыкмаларды тандай аласыз. Тандап алаардан мурун, кандай максаттарга жетүүнү көздөгөн билим берүү жөнүндө ойлонуп, тренингге канча убакыт бар экендигин, тренингдин катышуучулары кандай билимге ээ болгонун жана алардын мотивациясы кандай экендиги жөнүндө ойлонуңуз.

Бул материалдар топтомунан тренинг учурунда жардам бере турган бир нече көнүгүүлөрдү жана иш баракчаларын таба аласыз. Сиз эң ылайыктуу деп эсептеген көнүгүүлөрдү тандап, аларды окуу муктаждыктарыңызга ылайыкташтыра аласыз. Көнүгүүлөр киришүү, практикалык жана жыйынтыктоочу болуп бөлүнөт.

	Иш-аракет	**Узактыгы**
Киришүү	**Көнүгүү – Посттордун аралашмасы** «Социалдык медиа» темасына киришүү; билдирүүлөрдү карап чыгуу; «Web 2.0» жана «Социалдык медиа (тармактар)» терминининин аныктамасы, мисалдарды тандоо	**1 саат**
Көнүгүү	**Facebook – жеке же коомдукпу?** Социалдык медианын мүнөздөмөлөрүн текшерүү; социалдык тармактардын кеңири тандоосу, туруктуулугу жана динамикасы бар экендиги жөнүндө талкуулоо; социалдык тармактарда колдонуучунун жүрүм-туруму жөнүндө корутунду;	**2 саат**
Көнүгүү	**Facebook боюнча эксперттер** Facebook'та эксперт болуңуз; жалпы жөндөөлөр, купуялуулук, баракчалар жана топтор; Facebook этикети; башка колдонуучулар менен байланышуу; жамааттарды жана топторду өнүктүрүү; Facebook'тан маалымат издөө;	**3 саат**
Жыйынтыктар	**Web 2.0. Менин оюм... тууралуу** Катышуучулар Facebook'та сүрөт тартышат / альбомдорду түзүшөт, алар аркылуу ушул социалдык тармак жөнүндө өз ой-пикирлерин билдиришет; социалдык тармактарды колдонуунун оң жана терс жактары жөнүндө ойлорун бөлүшөт;	**1 саат**

Активаторлор: Социалдык медиа

#	Баяндоо
Коомдук жана жеке лакап аттар	**«Топтук жонглер – лакап аттар»** Катышуучулар чыныгы ысымдарын жазышат, андан кийин баардыгы купуялыгын сактоо үчүн Интернеттеги лакап ат жөнүндө ойлонушат. Андан кийин алар топту (же топторду) бири-бирине ыргытышат. Топту ким ыргыткан болсо, ал топту ыргыткан адамдын чыныгы же ойдон чыгарылган атын аташы керек. Эгер топ ыргытылган адамга лакап ат коюлган болсо, ал топту кармашы керек, эгер анын чыныгы аты аталган болсо, ал топту кармабашы керек. Эгер ал кокусунан топту кармап калса, анда колун көтөрүп, өзүнүн лакап атын айтышы керек. Эгер адам үч жолу колун көтөрсө, ал оюндан четтетилет. Катышуучулар топту бири-бирине канчалык тез ыргыта тургандыгын көрүү үчүн, оюнду тездетүүгө болот. Тайпа менен аталыштар жана лакап аттар, ошондой эле оюндан чыкканга чейин эмне үчүн ар бир адамга үч жолу мүмкүнчүлүк берүү керектиги жөнүндө ойлон. (Интернетте жана социалдык тармактарда чыныгы ысымыңызды канчалык көп колдонсоңуз, адамдар сиз жөнүндө ошончолук көп билишет. Бул адамдардын айрымдары так эмес маалыматтарды чогултуп, сизди, сиздин адаттарыңызды, досторуңузду жана жеке мүнөзүңүздү так сүрөттөп алышат. Чоочун адамдар жана шылуундар коомдук иш-аракеттериңизди жөн гана байкап турса дагы, муну кыла алышат).
Социалдык медиа Мурунку тажрыйба	**«Социалдык тармактардагы жигердүүлүк – Сен качандыр бир кезде?»** Бул оюн сизге бир тайпанын мүчөлөрүнүн ар кандай жана ар түрдүү тажрыйбага ээ экендигин көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Ал чоң тайпаларга ылайыктуу. Катышуучулар айланада турушат же отурушат. Башында алып баруучу бирөө болушу мүмкүн, бирок болбошу мүмкүн жагдайларга байланыштуу ар түрдүү суроолорду бере тургандыгын түшүндүрөт. Эгерде алып баруучу катышуучунун жашоосунда кандай кырдаал жаралганын сураса, анда ал катышуучу ордунан ыргып туруп, айлананын ортосуна чыгып, ортодо турган кишиге «беш» берет. Мисалы: «Сиз күлкүлүү сүрөттөр менен бөлүшүп көрдүңүз беле?», «Досторуңуздун тизмесине сиз тааныбаган адамдарды кошуп көрдүңүз беле?», «Кимдир бирөөнүн профилдерин көрдүңүз беле?», «Социалдык тармакта коопсуздук жөнүндө ойлонуп көрдүң беле?» деген суроолор болушу мүмкүн. Эгерде суроо өтө эле жеке болсо, же жооп бирөөнү ыңгайсыз абалга калтырса, тренингдин катышуучулары колу менен токтотуу белгисин көрсөтүшөт да, бул суроону токтотушат.

Интернет анонимдуулугу	**«Маалыматты жарыктандыруучу»** Катышуучулар тегерете турушат, ар бири бир колун ортого сунат жана ал колдун манжаларын кеңейтет, катышуучулардын бардыгы жерге көз чаптырышат. Андан кийин тренер: «Башыңды ал», - деп айтат. Эки адам бири-биринин көзүн караганда, алар: «Мен сени көрүп турам!» - деп кыйкырышат жана сунулган колуна бир бармагын бүгүп жаткандай «каттоодон өтүшөт». Бардык 5 манжасын бүгүп койгон адам оюндан чыгып кетет. Катышуучулар менен оюндун аларга кандай таасир тийгизгендигин, өздөрүнүн коопсуздугун жана атын атагысы келбегендигин талкуулаңыз.
Социалдык медиа мультитаскинг	**«Үндү өткөрүп жибериңиз»** Катышуучулар тегерете турушат. Тренер топту же элестүү нерсени ыргыта баштайт жана үн чыгарат. Топту же элестүү нерсени кармаган катышуучу лидер топту же ойдон чыгарылган буюмду ыргытканда жасаган үндү кайталап, жаңы үн менен башка катышуучуга ыргытып жибериши керек. Үндөр ар кандай болушу мүмкүн, мисалы, жаныбарлар жасаган же катышуучулар ойлоп тапкан түшүнүксүз үн. Бир аз ойноңуз, андан кийин тапшырманы татаалдаштырасыз: топту кармаган адам биринчи үндү кайталап, андан соң жаңы үн чыгарып, андан кийин топту кийинки оюнчуга ыргытып жибериши керек, ал башка үндү кошушу керек ж.б., катышуучулар токтоп калганга чейин. Катышуучулар менен көп баскычтуу талкуулоо жана оюнду социалдык тармактар менен салыштыруу.
Социалдык тармак Эргүү	**«Кар менен атышуу»** Бул жерде сиз идеялар менен бөлүшө аласыз. Катышуучулар идеяларды кагаз бетине жазышат, мисалы, Интернет жөнүндө, андан кийин аларды карга ыргытып салышат. Ой бөлүшүү үчүн топ кар атышууну уюштурушат. Белги менен алар кандайдыр бир «кар тогологун» алып, аны ачып, ушул баракта жазылган идеяны үн чыгарып окушат. Бул оюнду чечкиндүү аракет үчүн дагы колдонсо болот. Бир нече раундда ойной берсеңиз болот, бир тур аяктагандан кийин, катышуучулар идеяны катуу айтышкан жок, тескерисинче, түпнускага ылайык келген же андан ары жаңысын жазып, же дагы башка жоопторду беришет. Анонимдүү идея алмашуу чоң топ менен (социалдык тармактардагыдай) кандай артыкчылыктарга алып келээри жөнүндө топ менен ойлонуп, талкуулаңыз.

Социальные медиа социализация	**«Бир мүнөттүк миксер»** Оюн спид-дейтингге окшош («тез жолугушуу»). Катышуучуларды эки топко бөлүңүз: тышкы жана ички айлана кылып. Сырттагы айланадагы ар бир адам ички айланадагы адамга бетме-бет турат. Оюндун максаты – катышуучуларга кыска убакыттын ичинде хобби, кызыкчылыктары, окуялары, тажрыйбасы, үй-бүлөсү (Facebook абалы сыяктуу) жөнүндө маалымат бөлүшүү. Катышуучулар өздөрү жөнүндө сүйлөшүүгө жана башка адам жөнүндө бир нерсени билүүгө аз гана убакыт алышат. 45 секунд убакыт бөлүү менен баштаңыз, андан кийин аны 30 секундга, 20га чейин кыскартыңыз жана 10 секундага чейин бүтүрүңүз. алып баруучу убакытты карап, оюн башталып, аяктаганда белги берет. Оюндун убактысы бүткөндө, сырткы айланадагы бир катышуучу ички айланадагы бир катышуучуга жылдырылат: ар бир катышуучунун жаңы өнөктөшү бар болгондуктан, жуптар маалымат алмашууну башташат. Бир нече убакыт өткөндөн кийин, катышуучулар башында сүйлөшкөн адамдар менен кайрадан жолугушат. Эмки милдет – биринчи жолугушууда кайсы темада сүйлөгөндүгүн эстеп, сүйлөшүүнү алар токтогон жерден улантуу. Алып баруучу оюнду мүмкүн болушунча тездетүүгө жана сүйлөшүү убактысын кыскартууга аракет кылат. Кеңеш: катышуучуларды ар башка маектештер үчүн ар кандай темаларды тандоого үндөө.
